Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

# АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫ ҮЧҮН КОЛДОНМО

Бишкек 2020

**МАЗМУНУ**

**КИРИШ СӨЗ ....................................................................................................................5**

**I. АШКнын НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ ..................6**

**II.АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮНӨ ЧЕЙИНКИ ИШМЕРДИГИ ..............................................................................................10**

2.1. АШКнын ишмердигинин негизги жоболору. Шайлоо округу ..........................................10
2.2 АШКнын шайлоочулардын тизмелери менен ишмердиги ......................................................13
2.3. АШКнын саясий партиялардын өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүүсү ...........................19
2.4. АШКнын мамлекеттик органдар, ЖӨБО, ИИБ жана ЖМКлар менен өз ара аракеттенүүсү ..........................................................................................................24
2.5. Аймактык шайлоо комиссиясы жана шайлоо бюллетендери ...........................................36

**III. АШКнын ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮНДӨ ИШМЕРДИГИ ..............................................38**

3.1. Ыкчам чара көрүүчү координациялык топтун (ЫКЧТ) аракеттери.................................38
3.2.АШКнын шайлоочулардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын (даттанууларын) кароо боюнча Жумушчу тобу .........................................................40

**IV. АШКнын ДОБУШ БЕРҮҮ АЯКТАГАНДАН КИЙИН ИШМЕРДИГИ ....................42**

4.1. Участкалык шайлоо комиссиясынан аймактык шайлоо комиссиясына документтерди кабыл алуунун жол-жобосу ..........................................................................................42
4.2. Аймактык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөнүн тартиби ........................................................................................................44
4.3. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду толтуруунун тууралыгын жана толуктугун текшерүүнүн параметрлери ........................................................................45

**V. ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮНӨН КИЙИН АШКнын ИШМЕРДИГИ ................................46**

5.1. Протоколдордун көчүрмөлөрүн берүү жол-жобосу ...........................................................46
5.2. Шайлоонун жыйынтыктарын тастыктоо үчүн БШКга шайлоо документтерин берүү ...46

**VI. АШКнын ИШМЕРДИГИН ФИНАНСЫЛЫК ЖАКТАН КАМСЫЗ КЫЛУУ .........48**

**VII. ШАЙЛОО ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРЫ. ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫН БУЗУУЛАР ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК. .......................................................................................53**

# КИРИШ СӨЗ

Колдонмо аймактык шайлоо комиссияларына (мындан ары – АШК) комиссиялардагы иштин бардык татаалдыгын түшүнүүгө жана мүмкүн болуучу каталарды жана так эместиктердин алдын алууга жардам берүү максатында иштелип чыкты.

Колдонмодо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү процессинде АШК ишке ашыруучу негизги жол-жоболор баяндалган. Бул Колдонмо шайлоо мыйзамдарын колдонуунун практикалык маселелерине шайлоону уюштуруучулардын көңүлүн бурууга басым жасагандыгына байланыштуу өзгөчө баалуулукка ээ.

Акыркы шайлоо өткөрүлгөн мезгилден тартып КРнын шайлоо мыйзамдарына өзгөртүүлөр киргизилгендигине көңүлүңүздөрдү бурабыз, алар шайлоо комиссияларынын айрым иш-аракеттерин жаңыча аткарууну регламенттейт.

***Бул колдонмодо камтылган шарттуу кыскартуулар:***

- АЭУ – автоматтык эсептөөчү урна;
- МКК - КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы;
- Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
- КБМР – Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестри;
- ШЭБС– Шайлоочуларды эсепке алуунун бирдиктүү системасы;
- «КР Президентин шайлоо жөнүндө» КР КМ– «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы;
- “КР шайлоо комиссиялары жөнүндө” КР Мыйзамы – “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “ЫЧКТ- Ыкчам чара көрүүчү координациялык топ;
- ДМЧА- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектечек адамдар;
- ЖӨБО – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы;
- КЭУ- коммерциялык эмес уюм;
- ШТ – шайлоочулардын тизмеси;
- ЖМК – жалпыга маалымдоо каражаттары;
- АШК – аймактык шайлоо комиссиясы;
- УШК – участкалык шайлоо комиссиясы;
- БШК – Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы.

## I. АШКнын НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ

***(“КР шайлоо комиссиялары жөнүндө” КР Мыйзамынын 1, 2, 3, 19, 20, 23-беренелери менен жөнгө салынат )***

КР шайлоо комиссияларынын бирдиктүү системасын төмөнкүлөр түзөт:




Шайлоо комиссиялары өз ишинде төмөнкүлөрдү жетекчилике алат

- КР Конституциясы,
- “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы,
- “КР О референдуму жөнүндө” КР конституциялык Мыйзамы",
- “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамы,
- “КР шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” КР Мыйзамы;
- КР башка ченемдик укуктук актылары.

**Шайлоо комиссияларынын принциптери жана негизги кепилдиктери**

Шайлоо комиссиялары өзүнүн ишин төмөнкү принциптерге таянып ишке ашырат:




2. Шайлоо комиссияларынын ишине мамлекеттик органдар, ЖӨБО, КЭУ, ошондой эле саясий партиялар, башка юридикалык жана жеке жактар тарабынан кийлигишүүсүнө **жол берилбейт.**

3. Мамлекеттик органдар жана ЖӨБО, ошондой эле алардын кызмат адамдары шайлоо комиссияларына алардын ыйгарым укуктарын ишке ашырууга көмөк көрсөтүүгө милдеттүү:

- зарыл жабдууларын, транспорт каражаттарын, телефондору бар жайларды, анын ичинде технологиялык жабдууларды (стенддер, үкөктөр, добуш берүү үчүн кабиналар

ж.б.), жогору турган шайлоо комиссияларына же архивге бергенге чейин шайлоо документтерин сактоо үчүн жайларды берүүгө, ошондой эле алардын сакталышын камсыз кылууга милдеттүү;

- зарыл маалыматтарды жана материалдарды берүүгө, шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү менен байланышкан шайлоо комиссияларынын кайрылууларына жоопторду кийинкиге калтырбастан тийиштүү маселени кошумча изилдөө же текшерүү зарылчылыгы болсо – үч күндүк мөөнөттө, добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн кийинки күнү –токтоосуз берүүгө милдеттүү.

4. Саясий партиялар жана башка КЭУлар, башка юридикалык жактар шайлоо комиссияларына шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү менен байланышкан зарыл маалыматтарды жана материалдарды шайлоону даярдоонун жүрүшүндө эки жумушчу күндүн ичинде, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн кийинки күнү – токтоосуз берүүгө милдеттүү.

5. Талаптарды аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарган, ага тете мыйзам менен белгиленген мөөнөттөрдү бузган учурда мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОлордун, саясий партиялардын, башка КЭУлардын жана башка юридикалык жактардын жетекчилери мыйзамга ылайык жоопкерчилик тартышат.

**Аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларын түзүү тартиби**

1. АШК/УШК беш жыл мөөнөткө саясий партиялардын өкүлдөрүнүн экиден биринин жана ЖӨБОлордун өкүлчүлүктүү өкүлдөрүнүн экиден биринин курамында түзүлөт.

2. АШК/УШК курамында ар бир саясий партиядан бирден ашык өкүл болушу мүмкүн эмес.

3. Эгерде АШК/УШК ыйгарым укуктарынын мөөнөтү Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын башчыларын шайлоо өнөктүгү, референдум өнөктүгү мезгилинде аяктап жатса, анын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бул шайлоо өнөктүгү, референдум өнөктүгү аяктаганга чейин узартылат.

4. АШК Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан саясий партиялардын өкүлдөрүнөн жана тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясынын резервинде турган адамдардан он бирден кем эмес курамында түзүлөт.

5. АШК саясий партиялардын өкүлдөрүнөн жана тийиштүү участкалык шайлоо комиссиясынын резервинен жетиден кем эмес курамда участкалык шайлоо комиссиясын түзөт.

6. Жогору турган шайлоо комиссиясы сунушталган талапкерлердин арасынан шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн бекитет.

7. АШК/УШК резерви тийиштүү шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн каралган санынан кем эмес санда ЖӨБОлордун өкүлчүлүктүү өкүлдөрүнүн ичинен беш жылдык мөөнөткө түзүлөт. Резервди түзүү жана жалпы баруу тартиби жөнүндө жобо Борбордук шайлоо комиссиясынын токтому менен бекитилет.

8. Эгерде саясий партиядан АШК/УШК мүчөлөрүнүн каралган санынан ашык сунушталса, анда тийиштүү жогору турган шайлоо комиссиясы чүчүкулак өткөрөт. Тийиштүү шайлоо комиссиясынын курамына кирбей калган саясий партиянын өкүлдөрү саясий партиялардан шайлоо комиссиясынын мүчөсү мөөнөтүнөн мурда чыккан учурда бош орунду ээлөө үчүн саясий партиянын резервин түзөт.

9. УШК мүчөлөрүнүн саны тийиштүү шайлоо участкасындагы шайлоочулардын санынан алганда Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат:

**1) 0 дөн 500гө чейин шайлоочулар болсо – участкалык шайлоо комиссиясынын жети мүчөсүнөн кем эмес;**

**2) 501 ден 1200 ге чейин шайлоочулар болсо – участкалык шайлоо комиссиясынын тогуз мүчөсүнөн кем эмес;;**

**3) 1201ден ашык шайлоочулар болсо – участкалык шайлоо комиссиясынын он бир мүчөсүнөн кем эмес.**

**АШКнын негизги ыйгарым укуктары**

- шайлоо мыйзамдарынын жоболорунун аткарылышы үчүн контролдукту жүзөгө ашырат, ошондой эле тийиштүү аймакта алардын бир түрдүү колдонулушун камсыз кылат;
- тийиштүү аймакта шайлоо, референдумду даярдоону жана өткөрүүнү уюштурат;
- шайлоо участкаларынын жана округдарынын схемаларын жана чек араларын Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан карoo жана даярдоо үчүн сунуш киргизет;
- участкалык шайлоо комиссияларынын курамын түзөт жана бекитет жана алардын жайгашкан ордун жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялайт;
- калкка участкалык шайлоо комиссияларынын даректери жана телефон номурлары тууралуу маалымдайт;
- тийиштүү аймакта шайлоо, референдумду даярдоо жана өткөрүү боюнча участкалык шайлоо комиссияларынын ишин уюштурат жана шайлоо, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө байланышкан маселелер боюнча участкалык шайлоо комиссияларынын билдирүүлөрүн угат;
- участкалык шайлоо комиссияларына укуктук, уюштуруу-усулдук жана материалдык-техникалык жардам көрсөтөт;
- участкалык шайлоо комиссияларынын имарат, транспорт, байланыш менен камсыз болушун контролдойт, шайлоо, референдумду материалдык-техникалык жактан камсыз кылуунун башка маселелерин карайт;
- шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын тизмесин жалпы таанышууга жана көрүүгө сунуш кылынышына контролдукту жүзөгө ашырат;
- шайлоо, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө бөлүнгөн мамлекеттик акча каражаттарын тескейт, аларды участкалык шайлоо комиссияларынын ортосунда бөлүштүрөт жана ал каражаттардын максаттуу пайдаланылышына контролдукту камсыз кылат;
- бардык талапкерлер жана саясый партиялар үчүн шайлоо алдындагы иште бирдей укуктук шарттардын сакталышын камсыз кылат;
- участкалык шайлоо комиссияларына шайлоо жана башка документтерди жеткирүүнү уюштурат;
- шайлоо мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте, айрым шайлоо участкаларында добуш берүүнүн жыйынтыгын анык эмес деп тааныйт;
- ЖӨБОго шайлоолорду өткөрүүнүн тартибин жөнгө салуучу мыйзамда аныкталган учурларда жана тартипте тийиштүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыгын белгилейт жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларын, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын аныктайт;

- Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо, референдумда добуш берүүнүн жыйынтыгын белгилейт;
- Борбордук шайлоо комиссиясына тийиштүү шайлоолордо добуш берүүнүн жыйынтыгы тууралуу жана шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдорду өткөрүп берет;
- жергиликтүү кеңештерге депутаттыкка, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларына шайланган талапкерлерди каттайт жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү берет;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда, жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотот;
- участкалык шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана аракеттерине (аракетсиздигине) даттанууларды жана арыздарды карайт, алар боюнча чечимдерди кабыл алат;
- шайлоо, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө байланышкан документтерди архивге же Борбордук шайлоо комиссиясына өткөрүп берүүнү камсыз кылат;
- шайлоо, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө бюджеттик каражаттардын түшүшү жана чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчет берет;
- участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн жана резервди окутат.

**Аймактык шайлоо комиссиясы өзүнүн ыйгарым укуктарын аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн мыйзамга ылайык жоопкерчилик тартат.**

## II.АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮНӨ ЧЕЙИНКИ ИШМЕРДИГИ

Кайсы деңгээлдеги болбосун аймактык шайлоо комиссиясынын ишмердигин шарттуу түрдө үч чоң этапка бөлсө болот:

- шайлоо комиссиясынын добуш берүү күнүнө чейинки ишмердиги;
- шайлоо комиссиясынын добуш берүү күнүндөгү ишмердиги;
- шайлоо комиссиясынын добуш берүү күнүнөн кийинки күнүндөгү ишмердиги.

Аймактык шайлоо комиссиясынын добуш берүү күнүнө чейинки ишмердигинин негизги жол-жоболорун карайлы.

### 2.1. АШКнын ишмердигинин негизги жоболору. Шайлоо округу

1. АШКнын курамы анын белгиленген мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмес курамда түзүлсө, ишке киришүүгө ыйгарым укуктуу, ал эми АШКнын биринчи жыйналышы, эгерде анда тийиштүү шайлоо комиссиясынын белгиленген курамынын үчтөн экиден кем эмеси катышса, укук ченемдүү болуп саналат.

2. АШКнын биринчи жыйналышын ал түзүлгөндөн кийин үч күндөн кечиктирбестен курагы боюнча улуу мүчөсү ачат, анда:

- *шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн тааныштырат;*
- *эсептөө комиссиясы аймактык шайлоо комиссиясынын үч мүчөсүнөн турган курамда катышкан мүчөлөрдүн санынын көпчүлүгүнүн ачык добушу менен шайланат;*
- *БШК Төрагасы үчүн белгиленген тартипте шайлоо комиссиясынын төрагасын жана катчысын шайлайт.*

3. Аймактык шайлоо комиссиясынын жыйналышы төрага тарабынан, ошондой эле тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн белгиленген санынын үчтөн биринен кем эмесинин талабы боюнча чакырылат. Шайлоо, референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде жыйналыштар жумасына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт жана протоколдонот.

4. Шайлоо, референдумду даярдоону жана өткөрүүнү финансылык жактан камсыз кылуу, добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө же шайлоонун натыйжалары, шайлоолор болгон жок же анык эмес деп таануу, кайталап добуш берүүнү өткөрүү, кайра добуш берүүнү же кайталап шайлоону өткөрүү тууралуу, участкалык шайлоо комиссиясынын чечимдерин жокко чыгаруу жөнүндө маселелер боюнча аймактык шайлоо комиссиясынын чечимдери жыйналышта аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн белгиленген санынын үчтөн экиден кем эмеси тарабынан кабыл алынат.

5. Аймактык, участкалык шайлоо комиссиясынын чечими менен макул эмес мүчөсү жазуу жүзүндөгү өзгөчө пикирин билдирүүгө укуктуу, ал жыйналыштын протоколунда чагылдырылып, ага тиркелиши жана төрага тарабынан жогору турган шайлоо комиссиясына эки күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен, ал эми добуш берүү күнү жана добуш берүүдөн кийинки күнү - токтоосуз билдирилиши керек.

6. Даттануулaрды кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган АШКнын чечимдери БШКнын расмий сайтында жарыялоо үчүн **24 сааттын ичинде** БШКга берилиши керек.

**Аймактык шайлоо комиссиясы жана жана шайлоо округу**

Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн КРнын бүткүл аймагы шайлоо округу болуп саналат.

КРнын аймагынан тышкары жашаган шайлоочулар шайлоо округуна катталган болуп эсептелет.

Добуш берүүнү өткөрүү жана шайлоочулардын добуштарды эсептөө үчүн шайлоо участкалары шайлоочулар үчүн максималдуу ыңгайлуулук түзүү максатында жергиликтүү жана башка шарттарды эске алуу менен түзүлөт.

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн шайлоочулардын добуш берүүсүн өткөрүү жана добуштарын саноо үчүн шайлоо участкалары тышкы иштер маселелерин алып барган органдын сунушу боюнча жана аккредитациялоо өлкөсүнүн компетенттүү органдарынын макулдугу боюнча чет өлкөлөрдөгү Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн, консулдук мекемелеринин, Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мамлекеттик органдарынын өкүлчүлүктөрүнүн аймактарында түзүлүшү мүмкүн.

Шайлоо участкалары **ар бир участкада** эреже катары **2500 шайлоочудан ашпаган** эсебинен алганда 5 жыл мөөнөткө тийиштүү аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан түзүлөт. Шайлоо участкаларынын чек араларын башкаруу Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен тартиптин негизинде жүргүзүлөт. Шайлоо участкаларынын жана алардын чек араларынын тизмеси аларды түзүү үчүн каралган тартипте, аймактык шайлоо комиссияларынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын макулдугу боюнча такталууга жатат.

Жарандардын шайлоо укуктарын, анын ичинде алардын убактылуу жашаган жеринде шайлоо дареги боюнча добуш берүү укугун ишке ашырууну камсыз кылуу, аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан шайлоочулар үчүн ыңгайлуулуктарды түзүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунушу боюнча **кошумча шайлоо участкалары** түзүлөт.

Кошумча шайлоо участкалары шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде гана түзүлөт жана колдонулат. Алар төмөнкү учурларда түзүлөт:

- бул аймакта убактылуу жүргөн жана добуш берүү жери боюнча туруктуу жашаган жери жок шайлоочулар көп санда болсо;
- эгерде жакынкы шайлоо участкаларында шайлоочулардын саны Мыйзам менен белгиленген шайлоочулардын санынан (2500ден ашык) ашса.

Шайлоочулардын саны боюнча талап (2500ден ашык) **КР аймагынан сырткары** шайлоо участкаларын түзүүдө **колдонулбашы мүмкүн.**

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн шайлоочулардын бир аймактагы саны (2500ден ашык) ашса, тышкы иштер маселелерин алып барган органдын сунушу жана аккредитациялоо өлкөсүнүн компетенттүү органдарынын макулдугу боюнча бир жайда эки же андан көп шайлоо участкалары түзүлүшү мүмкүн.

Аймактык шайлоо комиссияларынын сунушу боюнча БШК шайлоо участкаларын схемасын карайт жана түзөт жана аларды чек араларын жана даректерин көрсөтүү менен алар бекитилген күндөн тартып 5 календардлык күндөн кечиктирбестен жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялайт жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берет.

Шайлоо участкаларын схемасы жана чек аралары бекитилгенден кийин **АШК УШКнын курамын түзүү жана бекитүү боюнча** ишти баштайт жана алардын жайгашуу ордун ЖМКларда жарыялайт.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген **жарандардын шайлоо укуктарын** ишке ашыруучен үчүн шарттарды камсыз кылуу максатында, анын ичинде добуш берүү үчүн жайлардын мүмкүн болушунча жеткиликтүүлүгүн максималдуу камсыз кылуу максатында АШК социалдык өнүктүрүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тийиштүү аймактык бөлүмдөрү менен бирдикте ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген

жарандардын керектөө картасынчен добуш берүү күнүнө чейин 6**0 календарлык күндөн кечиктирбестен** түзөт

**Керектөө картасы** ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектел шайлоочуларга добушчен берүүгө катышууга, ошондой эле шайлоо участкаларында өзгөчө шарттарды түзүүгө муктаждарга конкреттүү жардам көрсөтүү үчүн колдонулат.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулардын эсебин алуу үчүн социалдык өнүктүрүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ар бир жылдын 1-февралына жана 1-августуна карата абал боюнча аталган шайлоочулардын иш жүзүндөгү саны тууралуу маалыматтарды көрсөтүлгөн айдын 10 числосунан кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясына берүүгө милдеттүү. Керектөө картасынын формасын Борбордук шайлоо комиссиясы бекитет.

**АШК** берилген маалыматтардын негизинде шайлоо участкалардын өңүтүндө райондук маалыматтык керектөө картасын түзөт, андан кийин аны УШКга берет.

**Аймактык шайлоо комиссиясы,** тийиштүү шайлоо участогунда жашаган ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын керектөө карталарын УШК алгандан кийин **добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана майыптуулугу бар адамдардын коомдук уюмдардын өкүлдөрүн тартуу менен ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын муктаждыктарына добуш берүүчү жайлардын ылайык келүүсүн жана маалыматтык материалдардын жеткиликтүүлүгүн **текшерүүгө милдеттүү.**

Эгерде, добуш берүү жайы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын кирүүсү үчүн атайын шаймандар менен жабдылбаган болсо, **АШК** добуш берүү күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен, тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына добуш берүү жайынын ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү үчүн кайрылуу **жөнөтөт.**

**АШК ЖӨБ органдарына кайрылган учурда**, алардын кызмат адамдары тийиштүү чараларды токтоосуз кабыл алышы керек.

Шайлоо комиссиясынын кайрылуусун аткарбоо мыйзам менен белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

**АШК ошондой эле УШКнын төмөнкү иштерин контролдоого милдеттүү**

- **көрүүсү боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген** шайлоочуларды маалымдоо боюнча:

• шайлоо участкалары шайлоо өнөктүгү (шайлоочулардын тизмесинде өзүн тактоо тартиби, добуш берүү убактысы жана орду, негизги шайлоо аракеттери, түз байланыш телефондору жөнүндө) аудиоформатта (санариптик алып жүрүүчүдө) жөнүндө маалыматтык материалдар менен жабдылышын;

• **АШК/УШК** маалыматтык материалдарды шайлоочулардын тийиштүү категорияларынын арасында өз алдынча да, ошондой эле социалдык коргоо органдарын, социалдык тейлөө органдарын, майыптыгы бар адамдардын коомдук уюмдарын, азиздер үчүн атайын китепканаларды жана башка уюмдарды тартуу менен ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар көп баруучу жерлерге (социалдык өнүктүрүү органдары, социалдык тейлөө органдары, Социалдык фонддун бөлүмдөрү, бейтапканалар, аптекалар, китепканалар, социалдык дүкөндөр ж.б. жерлерде) материалдарды (макулдашуу боюнча) жайгаштыруу менен **таркатууга укуктуу.**

• **АШК/УШК** шайлоочулар менен коомдук “түз байланыш” байланыштын мүмкүнчүлүктөрүн, анын ичинде шайлоо комиссияларынын факсимилдик, мобилдик байланыш

жана интернет-ресурстарын колдонуу менен ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочуларга консультативдик, юридикалык жардам **көрсөтүүгө укуктуу.**

- **ДМЧА муктаждыктарын эске** алуу менен добуш берүү үчүн жайларды жабдуу боюнча:

- добуш берүү үчүн жайда жабдуулар (столдор, добуш берүү үчүн кабиналар жана урналар), ошондой эле маалыматтык стенддер коляска колдонгон же өз алдынча кыймыл-аракет жасоо кыйынчылыкка турган шайлоочулар үчүн анын жеткиликтүүлүгү камсыз болгудай жайгашуусу керек;
- добуш берүү үчүн жайда шайлоочулар менен катар эле добуш берген кыймыл-аракет жасоодо коляска колдонгон, таяныч-кыймыл аппаратынын бузуулары бар шайлоочулар үчүн УШК шайлоочулардын шайлоо бюллетенин толтуруу жолу менен эрк билдирүүсүн камсыз кылуу үчүн атайын кабинаны (бийиктиги 75 см жогору эмес атайын жабдылган орун) орнотушу керек;
- атайын жабдылган кабина же атайын жабдылган орун шайлоо бюллетенин толтурууда добуш берүүчүнүн эрк билдирүүсүнүн жашырындуулугун камсыз кылууну эске алуу менен орнотулушу жана даярдалышы керек.

### 2.2 АШКнын шайлоочулардын тизмелери менен ишмердиги

***(«КР Президентин шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 14, 15-беренелери, "Шайлоо комиссиялары жөнүндө" КР Мыйзамынын 20-беренесинин 9,10-пункттары, "Шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү жана тактоо боюнча БШКнын Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары менен өз ара аракеттешүү тартиби жөнүндө жобо менен жөнгө салынат)***

Шайлоо мыйзамдарындагы акыркы өзгөртүүлөргө ылайык шайлоочулардын тизмелерин түзүү, тактоо жана шайлоодо шайлоочуларды идентификациялоо функциялары МККдан КР БШКга (аткаруучу орган – МККдан көз карандысыз орган БШКга) өттү.

Шайлоочулардын тизмелери шайлоо участкаларынын чек араларын эске алуу менен КБМРда камтылган жеке маалыматтардын (анын ичинде биометрикалык) негизинде түзүлөт.

**Шайлоочулардын тизмеси** – бул добуш берүү күнүнө карата активдүү шайлоо укугуна ээ Кыргыз Республикасынын жарандарынын тизмеси, ал КБМР негизинде электрондук жана кагаз түрүндө түзүлөт жана даярдык деңгээлине жараша **алдын ала, контролдук жана биротоло** болуп бөлүнөт.

**Шайлоочулардын алдын ала тизмеси** – добуш берүү күнүнө чейин 80 календарлык күн калгандагы абал боюнча шайлоочулардын тизмеси, мамлекеттик порталда жарыяланат жана участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан жарандар өздөрүнүн маалыматтарын же шайлоо дарегинин өзгөргөндүгүн тактоосу үчүн илинет.

Аймактык шайлоо комиссияларынын сунушу боюнча БШК шайлоо участкаларынын схемасын жана чек араларын карайт жана бекитет, чек араларын жана даректерин көрсөтүү менен алар бекитилген күндөн тартып 5 календарлык күндөн кечиктирбестен аларды ЖМКларда жарыялайт жана **шайлоочулардын алдын ала тизмесин** түзүү үчүн МККга берет.

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган жана жүргөн, консулдук (убактылуу консулдук) каттоого турган жана биометрикалык каттоодон өткөн шайлоочулар жөнүндө маалыматтар тиешелүү дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн жана консулдук мекемелердин жетекчилери тарабынан түзүлүп, тышкы иштер маселелерин тейлеген мамлекеттик орган аркылуу Борбордук шайлоо комиссиясына **добуш берүү күнүнө чейин 85 календардык күндөн кечиктирбестен** өткөрүп берилет.

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн жана консулдук (убактылуу консулдук) каттоого турган шайлоочу жөнүндө маалыматтарды берүүнүн формасы, түрү жана тартиби тышкы иштер маселелерин тейлеген ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленет.

Добуш берүү күнү Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн шайлоочу **добуш берүү күнүнө чейин 15 календардык күндөн кечиктирбестен** "Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамынын 15-беренесинде белгилеген тартипте арыз берүү жолу менен жашаган же турган жериндеги **шайлоо дареги боюнча** добуш берүүгө ниеттенгендиги тууралуу билдирүүгө укуктуу.

Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгү же консулдук мекемеси шайлоочунун жүргөн же турган жериндеги шайлоо дареги боюнча добуш берүү ниети тууралуу арызы келип түшкөн учурдан тартып шайлоочуну акысыз негизде убактылуу консулдук каттоого турган адам катары каттайт. Мындай каттоо шайлоочунун арызында көрсөтүлгөн мөөнөткө жүргүзүлөт.

Арыз кабыл алынгандан кийин Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгү же консулдук мекемеси токтоосуз аны Борбордук шайлоо комиссиясына өткөрүп берет.

МКК добуш берүү күнүнө чейин 75 календардык күндөн кечиктирбестен БШКга биометрикалык маалыматтарды жыйноо пункттарынын тизмесин, анын ичинде КРнын чегинен тышкары жыйноо пункттарынын тизмесин, алардын иштөө регламентин, жайгашкан ордун жана байланышуу маалыматтарын көрсөтүү менен берет. Шайлоону даярдоо мезгилинде КР БШК жана МККны биргелешкен чечими менен жарандарды биометрикалык каттоо КР аэропортторунун, темир жол вокзалдарынын аймагында жүргүзүлүшү мүмкүн.

**КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү:**

1) МКК добуш берүү күнүнө чейин 80 (сексен) календардык күндөн кечиктирбестен 18 жашка жеткен, биометрикалык маалыматтарын тапшырган жарандар жөнүндө маалыматтарды Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринен ШЭБСга автоматтык жүктөп алуу жолу менен жана шайлоо участкаларынын чегин эске алуу менен **шайлоочулардын алдын-ала тизмелерин** түзөт.

**Шайлоочулардын алдын ала тизмелери** таанышуу жана көрсөтүлгөн маалыматтарды тиешелүү тактоо, тизмелердеги каталарды жана так эместиктерди аныктоо үчүн **добуш берүү күнүнө чейин 80 календарлык күндөн кечиктирбестен** шайлоочулардын мамлекеттик порталына участоктор, райондор жана шаарлар боюнча шайлоочунун туруктуу же болбосо иш жүзүндө жашаган жери, төрөлгөн жылы жөнүндө маалыматтарсыз жайгаштырылат. Шайлоочулардын **алдын-ала тизмесине** төмөнкү жарандар **киргизилбейт:**

- добуш берүү күнү 18 жашка чыга электер;
- КР жарандыгынан чыккандар;
- соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү менен эркиндигинен ажыратуу жерлеринде камоодогулар;
- сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылгандар;
- каза болгондор (каза болгондугу тууралуу күбөлүктүн негизинде).

2)Түзүлгөн шайлоочулардын алдын-ала тизмеси таанышуу жана көрсөтүлгөн маалыматтарды тиешелүү тактоо, тизмелердеги каталарды жана так эместиктерди аныктоо үчүн МКК менен бир маалда участоктор, райондор жана шаарлар боюнча шайлоочунун туруктуу же болбосо иш жүзүндө жашаган жери, төрөлгөн жылы жөнүндө маалыматтарсыз КБМРдан автоматтык жүктөө жолу менен **«Тизме» мамлекеттик порталында** жайгаштырылат.

3) добуш берүү күнүнө чейин **75 календардык күн** мурда КР БШК **шайлоочулардын алдын-ала тизмесин** басып чыгарат жана шайлоочулардын таанышуусу жана тактоосу үчүн УШКга берет.

«Тизме» мамлекеттик порталында шайлоочулардын таанышуусу жана тактоосу үчүн шайлоочулардын алдын-ала тизмеси жайгаштырылган учурдан тартып МКК күн сайын ШЭБСга төмөнкү жарандар жөнүндө маалыматтарды жүктөйт:

- *КР жаранынын паспортун алган;*
- *биометрикалык каттоодон өткөн;*
- *өзүнүн жеке маалыматтарын өзгөрткөн (Ф.А.А., ПИН);*
- *КР жарандыгынан чыккан;*
- *паспортунда тийиштүү белгиси менен туруктуу жашаган жерин которуу жөнүндө маалыматты;*
- *каза болгондор (каза болгондугу жөнүндө күбөлүктүн негизинде).*

***Добуш берүү күнүнө чейин 10 (он) календардык күн мурда*** *МКК жогоруда саналган жарандар жөнүндө маалыматты КРБШКга берүүнү токтотот.*

**АШК** УШКнын мүчөлөрүн шайлоочулар жөнүндө төмөнкү маалыматтар,

- добуш берүү күнү стационардык дарылоо-профилактикалык мекемелеринде дарыланып жаткандар,
- добуш берүү күнү шектүү катары камоодо эркиндигинен ажыратуу жерлеринде жүргөндөр,
- добуш берүү күнү иштин үзгүлтүксүз цикли бар ишканаларда иштеп жаткандар (вахта иштери),
- мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчылары,
- аскер кызматчылары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү, аскердик бөлүктөрдө жашаган башка адамдар, аталган мекемелердин (ишканалар, аскердик бөлүктөр) жетекчилери тарабынан түзүлө тургандыгын эскертет.

**АШК** аталган мекемелердин жетекчилери толтурган формаларды **добуш берүү күнүнө чейин 12 календардык күндөн кечиктирбестен** кабыл алуу зарылчылыгы жөнүндө УШКнын мүчөлөрүнүн **көңүлүн бурат.**

**Шайлоочулардын тизмелери менен таанышуу, так эместиктерди оңдоо. Шайлоо дареги**

**Участкалык шайлоо комиссиясы тиешелүү шайлоо участкасынын аймагында жашап жаткан шайлоочулардын таанышып чыгуусу үчүн** шайлоочулардын алдын ала тизмесин добуш берүү күнүнө чейин 70 календардык күндүн ичинде милдеттүү түрдө илгендигин контролдоо зарыл.

Ар бир шайлоочу шайлоочулардын алдын ала тизмесинде кандай болбосун ката же болбосо так эместикти тапкан, ошондой эле анда өзү жок учурда, **добуш берүү күнүнө чейин 15 календардык күндөн кечиктирбестен**, ырастоочу документтердин көчүрмөлөрүн тиркөө менен, тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына арыз менен кайрылууга укуктуу, бул учурда **шайлоочу биометрикалык идентификациялоодон өтө тургандыгын УШКнын мүчөлөрүнө эскертип коюу маанилүү.**

Белгиленген формадагы арызды шайлоочудан кабыл алганда участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү анын толтурулушунун тууралыгын жана арызда көрсөтүлгөн маалыматтардын паспорттук маалыматтарга туура келерин текшергенден кийин, ошондой эле идентификациядан өткөн шартта шайлоочуга арызды иштеп чыгуунун статусун тактоо боюнча маалыматы бар, арыздын төмөн жагында жайгаштырылуучу айрыма талон тапшырат. Участкалык шайлоо комиссиясы бул арызды аны тизмеге киргизүү, каталарды же так эместиктерди оңдоо боюнча тиешелүү чараларды көрүү үчүн аймактык шайлоо комиссиясындагы Борбордук шайлоо комиссиясынын системдик администраторуна токтоосуз өткөрүп берет.

Шайлоочу, ошондой эле мыйзам менен белгиленген тартипте автордоштуруудан өтүү менен мамлекеттик порталдагы "Шайлоочунун кабинети" сервиси аркылуу электрондук түрдө арыз берүүгө укуктуу.

Шайлоочунун арызына жооп арыз берүү учурунда шайлоочу көрсөткөн дарек боюнча кагаз же электрондук билдирүү түрүндө **арызды кабыл алган күндөн тартып 7 календарлык күндөн кечиктирбестен** тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан жөнөтүлөрүн эске сактоо керек.

Ар бир шайлоочу шайлоочулардын тизмеси менен таанышкан учурдан тартып, бирок добуш берүү күнүнө чейин 15 календардык күндөн кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортунун (ID картасынын), (ал эми Кыргыз Республикасынын чектеринен тышкары жашаган же жүргөн адамдар үчүн – Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортунун (ID картасынын), ал эми ал болбогондо - Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспортунун, кызматтык же дипломатиялык паспортунун көчүрмөсүн) тиркөө менен белгиленген үлгүдөгү арызды тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына берүү жолу менен **шайлоо дареги боюнча добуш берүү ниети жөнүндө** билдирүүгө укуктуу, мында шайлоочу **биометрикалык идентификациялоодон өтөт.**

Бул арызды УШК аны тизмеге киргизүү үчүн тийиштүү чараларды кабыл алуу үчүн АШКнын системдик администраторуна берет. Шайлоочу ошондой эле арызды автордоштуруудан өтүү менен мамлекеттик порталда **"Шайлоочунун кабинети"** сервиси аркылуу электрондук түрдө арыз берүүгө укуктуу.

Шайлоочунун ушул арызына жооп УШК тарабынан арызды берүүдө шайлоочу тарабынан көрсөтүлгөн дарек боюнча кагаз же электрондук билдирүү түрүндө **7 календардык күндөн кечиктирбестен** жиберилет.

**Шайлоочу билип туруп жалган маалыматтарды бергендиги үчүн мыйзамдарда каралган жоопкерчиликти тартат.**

Шайлоо комиссиялары шайлоочулардын тизмесиндеги каталарды же так эместиктерди оңдоолор, ошондой эле шайлоо дарегинин өзгөргөндүгү жөнүндө шайлоочулардан келип түшкөн арыздарды эсепке алууну жүргүзөт.

БШК **добуш берүү күнүнө чейин 35 календарлык күндөн кечиктирбестен** шайлоочулар жөнүндө актуалдаштырылган маалыматты камтыган **шайлоочулардын контролдук тизмесин** түзөт жана УШКга жөнөтөт.

**Шайлоочулардын контролдук тизмеси** – бул шайлоочулар жөнүндө актуалдуу маалыматты жана добуш берүү күнүнө чейин 35 календарлык күн мурда шайлоочулардын тизмесин тактоо мезгилде келип түшкөн шайлоочулардын арыздарынын негизинде жүргүзүлгөн өзгөртүүлөрдү камтыган шайлоочулардын тизмеси, ал мамлекеттик порталда жарыяланат, добуш берүү күнүнө чейин 30 календарлык күн мурда шайлоо участкаларында илинет.

**АШК** шайлоочулардын таанышуусу үчүн добуш берүү күнүнө чейин 30 календардык күн мурда УШКнын **шайлоочулардын контролдук тизмесин** милдеттүү түрдө илүүсүн контролдойт. Шайлоочулардын **контролдук тизмеси** тийиштүү участок боюнча тизмеге киргизилген шайлоочулардын фамилиясы, аты-жөнү, ошондой эле шайлоо участкасынын номеринен башка маалыматты камтыбашы керек..

Шайлоочулардын тизмесинде жок экендиги, андагы ката же так эместик тууралуу, шайлоо дареги боюнча добуш берүү ниети жөнүндөгү арыздарды кабыл алуу **добуш берүү күнүнө чейин 15 күн** калганда токтотулат. Арыздарды иштеп чыккандан кийин Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын биротоло тизмесин түзөт. Ушул эле учурда шайлоочулардын контролдук жана биротоло тизмелери милдеттүү текшерүүгө жана Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестриндеги маалыматтар менен синхрондоштурулууга жатат.

Борбордук шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө чейин 10 күн мурда жабдуулардын комплекттерин даярдоо үчүн электрондук форматта **шайлоочулардын биротоло тизмесин** ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берет.

**Шайлоочулардын биротоло тизмеси** - бул шайлоочулардын такталган тизмеси, ага шайлоочулардын тизмесин тактоо мезгилде келип түшкөн шайлоочулардын арыздарынын негизинде бардык өзгөртүүлөр киргизилген, ал мамлекеттик порталда жарыяланат, **добуш берүү күнүнө чейин 7 календарлык күн мурда** шайлоо участкаларында илинет

Шайлоочулардын биротоло тизмесин алгандан кийин МКК биометрикалык маалыматтары менен шайлоочулардын тизмесин жүктөө менен шайлоочуларды идентификациялоо боюнча жабдуулардын сервердик комплекттерин даярдап, кийин жабдуулардын комплекттерин БШКга аларды **добуш берүү күнүнө чейин 3 календарлык күндөн кечиктирбестен** шайлоо участкаларына жеткирүүсү үчүн берет.

Борбордук шайлоо комиссиясы **номурланган, көктөлгөн** жана Борбордук шайлоо комиссиясынын **мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн шайлоочулардын биротоло тизмелерин добуш берүү күнүнө чейин 7 календарлык күн мурда эки нускада** тиешелүү участкалык шайлоо комиссияларына **өткөрүп берет.**


Мында ар бир шайлоо участогу боюнча акыркы тизменин кагаздагы экинчи нускасы акыркы тизмеге киргизилген шайлоочулардын жашаган жери жөнүндө маалыматтарды камтыбоого тийиш. Шайлоочулардын биротоло тизмесиндеги жеке маалыматтарды бирөөгө берүү, көчүрүү, жарыялоо жолу менен ачыкка чыгаруу мыйзамдарда каралган жоопкерчиликке алып келет.

**АШК участкалык шайлоо комиссиялары добуш берүү күнүнө чейин 7 календарлык күндөн кечиктирбестен тийиштүү шайлоо участкасынын шайлоочуларынын биротоло тизмесинин кагаз түрүндөгү экинчи нускасын шайлоо участкасында илип коюусун контролдойт.**

Шайлоочулардын илинип коюлган акыркы тизмесин шайлоочулар жана байкоочулар тарабынан сүрөткө жана видеого тартуусу чектелбейт. Добуш берүү күнү шайлоочулардын тизмесине киргизилген гана жарандар добуш берүү укугуна ээ.

Мына ошентип, **АШК шайлоо дареги өзгөргөндүгү жөнүндө шайлоочулардын арыздарын кабыл алуу жана иштетүү тартибине, шайлоочулардын тизмесине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө УШКнын мүчөлөрүн окутушу керек.**

**1-форма жана 2-форма боюнча арыздарды кабыл алуу жана иштетүү боюнча УШК мүчөлөрүнүн аракеттеринин алгоритми**




Арызды иштетүүнүн натыйжалары жөнүндө жооп кагаз же электрондук билдирүү формасында тийиштүү АШК тарабынан арызды **кабыл алган күндөн тартып 7 календарлык күндөн кечиктирбестен** арызды берүүдө шайлоочу көрсөткөн дарек боюнча жөнөтүлөт.

Шайлоочулардын тизмеси шайлоочулардын таанышуусу үчүн «Тизме» https://tizme.gov.kg/ мамлекеттик порталында дайыма жеткиликтүү.

Шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде «Тизме» мамлекеттик порталындагы шайлоочулардын тизмеси күнүгө жаңыланып турат, ал эми шайлоо аралык мезгилде – ай сайын жаңыланып турат.

«Тизме» мамлекеттик порталында карап чыгуу үчүн жеткиликтүү шайлоочулардын тизмеси төмөнкү маалыматтарды камтыйт:

- УШКнын номери;
- шайлоочунун Ф.А.А.;
- туулган датасы;
- шайлоочунун ары-бери жүрүү баяны.


**АШК** шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмесин БШКга жөнөтөт, ошондой эле туулган жылын, туруктуу же иш жүзүндө жашаган жерин, паспортунун сериясын жана номерин жана шайлоочунун биометрикалык маалыматтарын көрсөтпөстөн шайлоочулардын тизмесин басып чыгарат жана участкалык шайлоо комиссиясынын жайларынын алдында илүү үчүн участкалык шайлоо комиссиясына **жөнөтөт.**

Шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмеси же анын күбөлөндүрүлгөн **көчүрмөсү добуш берүү күнүнөн кийин 3 календарлык күндөн кечиктирбестен** УШК жайларынын алдында стенддерде илинет. Шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмеси же анын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү добуш берүүнүн жыйынтыктары расмий жарыяланган учурдан тартып 10 календарлык күн өткөндөн кийин алып салынууга жатат.

## 2.3. АШКнын саясий партиялардын өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүүсү

***(«КР Президентин шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 9, 17, 18, 19, 20-беренелери, «КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо саясий партиялардын өкүлдөрүнүн статусу жөнүндө» жобо менен жөнгө салынат)***

Саясий партиянын өкүлү – саясий партиянын кызыкчылыгын билдирген шайлоо комиссиясындагы өкүл, ыйгарым укуктуу өкүл, ишенимдүү адам, байкоочу.




**Шайлоо комиссияларындагы саясий партиянын өкүлүнүн статусу**

1. Саясий партиялар каттоодон өткөндөн кийин тийиштүү шайлоо комиссиясына өзүнүн өкүлүн (мындан ары – шайлоо комиссиясындагы өкүл) анын инсандыгын тастыктоочу документтерди, негизги иштеген орду боюнча маалыматтарды (иш багыты), жашаган жеринин толук дарегин жана байланыш маалыматтарын көрсөтүү менен дайындоого укуктуу.

2. Шайлоо комиссиясындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары аны тийиштүү шайлоо комиссиясында каттаган учурдан тартып башталат.

3. Шайлоо комиссиясындагы өкүл болуп 21 жашка толгон, активдүү шайлоо укугуна ээ жана КР аймагында туруктуу жашаган КР жараны боло алат.

4. Шайлоо комиссияларындагы өкүл болууга төмөнкүлөрдүн укугу жок:

- Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары;
- Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлери;
- саясий, атайын мамлекеттик кызматты жана саясий муниципалдык кызматты ээлеген адамдар;
- мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар;
- шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү;
- судьялар, аскер кызматчылары, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматчылары;
- чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар;
- мыйзамда белгиленген тартипте соттуулугу алып салынбаган же жоюлбаган адам.

5. Шайлоо комиссиясындагы өкүл бир эле маалда башка шайлоо комиссиясынын өкүлү боло албайт.

6. Шайлоо комиссиясындагы өкүл, эгерде ал ЖМКнын же интернет-басылманын мүчөсү жана (же) уюштуруучусу, мамлекеттик же муниципалдык ишкананын, мекеменин, мамлекеттин катышуу үлүшү 30%дан ашык ишкананын кызматкери болуп саналса, ал кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын пайдаланууга укугу жок.

7. Шайлоо комиссиясындагы өкүлгө белгиленген үлгүдөгү БШКнын күбөлүгү берилет.

**Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары:**

| Шайлоо комиссияларындагы өкүл төмөнкүлөргө укуктуу: | Шайлоо комиссияларындагы өкүл төмөнкүлөргө укуксуз: |
|---|---|
| 1) шайлоо комиссиясынын жыйналышында каралуучу документтер жана материалдар менен таанышууга; | 1) шайлоо комиссиялары жүргүзүүчү текшерүүлөргө катышууга; |
| 2) анын компетенциясына кирген маселелер боюнча шайлоо комиссиясынын жыйналыштарынын күн тартибине сунуштарды киргизүүгө жана алар боюнча добуш берүү өткөрүүнү талап кылууга; | 2) шайлоо комиссиясынын атынан түшүндүрмө жана көрсөтмө берүүгө, билдирүү жасоого; |
| 3) шайлоо комиссиясынын бардык жыйналыштарына катышууга жана жарыш сөзгө чыгууга; | 3) добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдорду түзүүгө; |
| 4) шайлоо комиссиясынын жыйналышынын башка катышуучуларына күн тартибине ылайык суроолорду берүүгө жана аларга маңызы боюнча жооп алууга; | 4) шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарына кирген чечимдерди кабыл алууда добуш берүүгө катышууга; |
| 5) шайлоо комиссияларынын түздөн-түз шайлоого байланыштуу материалдары жана документтери менен таанышууга жана бул документтердин жана материалдардын (мыйзамда белгиленген тартипте ошондойлорго киргизилген купуя маалыматты камтыган документтерди жана материалдарды кошпогондо) көчүрмөлөрүн алууга; | 5) шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана протоколдоруна кол коюуга. |
| 6) шайлоо комиссияларынын аракеттерине (аракетсиздиктерине) ушул конституциялык Мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте даттанууга; | |
| 7) көрсөтүлгөн документке ылайык шайлоочунун инсандыгын жана бюллетендин алынышынын тууралыгын текшерүүгө. | |

**Саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү**

Саясий партиялар шайлоого катышууларына байланыштуу маселелер, анын ичинде каржы маселелери боюнча тиешелүү саясий партиялардын атынан чыгуучу экиден ашпаган ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү дайындоого укуктуу.

Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызматты жана саясий муниципалдык кызматты ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, судьялар, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар ыйгарым укуктуу өкүл боло албайт.

Саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн тизмеси, ар бир ыйгарым укуктуу өкүлдүн фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган күнүн, паспортунун сериясын жана номерин же аны алмаштыруучу документин, анын берилген күнүн, жашаган жеринин дарегин, негизги жумушунун же кызматынын ордун, ээлеген кызматын (негизги жумушу же кызматы болбогон учурда – ишинин түрүн), телефон номерин көрсөтүү менен Борбордук шайлоо комиссиясына берилет. Каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлгө карата кошумча, ошондой эле каржы документтерине кол коюу укугу көрсөтүлөт. Борбордук шайлоо комиссиясына берилген тизмеге, ошондой эле саналган ар бир адамдын ыйгарым укуктуу өкүлдүн ишин жүзөгө ашырууга жазуу жүзүндөгү макулдугу тиркелет. Мында саясий партия ыйгарым укуктуу өкүлдүн «КР Президентин шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 19-беренесинин талаптарына ылайык келерин ырастайт жана берген маалыматтары үчүн мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

Борбордук шайлоо комиссиясы зарыл документтер келип түшкөн күндөн тартып **3 календардык күндүн ичинде** ыйгарым укуктуу өкүлдөргө ырастама берет же ушул конституциялык Мыйзамга ылайык каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөлүү чечим кабыл алат.

Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан каттоо күбөлүктөрү берилгенден жана катталгандан кийин саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү дайындалган болуп эсептелет, ыйгарым укуктуу өкүлдүн укуктарына жана милдеттерине ээ болот.

Саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинин курамында көрсөтүлгөн Жогорку Кеңештин депутаттыгына бардык талапкерлер статусун жоготкон учурдан тартып, бирок шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күндөн кечиктирбестен аяктайт. Каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 20 календардык күндөн кийин аяктайт.

### Саясий партиялардын ишенимдүү адамдары

Саясий партиялар **каттоодон кийин** өздөрүнүн ишенимдүү адамдарын дайындоого укуктуу.

Ишенимдүү адамдарды каттоо саясий партиянын жазуу жүзүндөгү сунуштамасынын жана жарандын өзүнүн ишенимдүү адам болууга макулдугу жөнүндө арызынын негизинде же парламенттик шайлоого катышуу каалоосун билдирген саясий партиянын ишенимдү өкүлү болууга макулдугу жөнүндө саясий партиянын жазуу жүзүндөгү сунуштамасынын жана жарандын өзүнүн арызынын негизинде Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат. Борбордук шайлоо комиссиясы ишенимдүү адамга белгиленген үлгүдөгү ырастама берет.

Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызматты жана саясий муниципалдык кызматты ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, судьялар, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар ишенимдүү адам **боло албайт**

Ишенимдүү адамдар аларга саясий партиялар тарабынан берилген ыйгарым укуктардын чегинде аракеттенет. Саясий партиялар Борбордук шайлоо комиссиясына кабарландырып, аларга берилген ырастамаларды жокко чыгаруу менен ишенимдүү адамдарды каалаган убакта чакырып алууга укуктуу.

**Ишенимдүү адам каалаган убагында Борбордук шайлоо комиссиясына өзүнө берилген ырастаманы кайтарып берүү жана бул тууралуу аны дайындаган саясий партияны кабарландыруу менен, өзүнүн демилгеси боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарын таштоого укуктуу.**

Ишенимдүү адамдардын ыйгарым укуктары **саясий партиялар тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесине киргизилген бардык талапкерлер статусун жоготкон учурдан тартып, бирок шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күндөн кечиктирилбестен токтотулат.**

**Саясий партиялардан байкоочу**

**Байкоочу –** талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия тарабынан мыйзамдарда белгиленген тартипте шайлоого даярдык көрүүгө, добуш берүүнү жүргүзүүгө, добуштарды саноого, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөгө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоого байкоо жүргүзүү үчүн дайындаган адам.

Саясий партия ар бир участкалык шайлоо комиссиясына **экиден ашык эмес байкоочу** дайындай алат, алар добуш берүүнү өткөрүүгө жана добуш берүү үчүн жайдагы башка шайлоо аракеттерине **кезектешип** байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу укугуна ээ болушат.

Шайлоо комиссиясынын жайында, добуш берүү үчүн жайда бир саясий партиянын кызыкчылыктарын билдирүүчү эки же андан көп байкоочунун бир убакта байкоочунун ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууларына жол берилбейт.

**Байкоочу талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиядан тиешелүү** шайлоо комиссиясына аны дайындоо жолдомосу келип түшкөндөн кийин байкоочунун укуктарына жана милдеттерине ээ болот. Жолдомодо байкоочунун фамилиясы, аты жана атасынын аты, жашаган жери, ал жиберилген шайлоо участкаларынын номурлары, шайлоо комиссияларынын аталыштары көрсөтүлөт, ошондой эле анда мыйзамда каралган чектөөлөрдүн жок экендиги тууралуу жазуу жазылат. Жолдомо **саясий партиянын мөөрү коюлганда** жана паспортту көрсөткөндө **жарактуу** деп эсептелинет.

Байкоочуну жиберүү жөнүндө алдын ала кабарлоо талап кылынбайт.

Жигердүү шайлоо укугуна ээ болгон Кыргыз Республикасынын жарандары байкоочу болууга укуктуу.

Байкоочу болууга төмөнкүлөрдүн **укугу жок:** Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаты, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер, саясий, атайын мамлекеттик кызматты жана саясий муниципалдык кызматты ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, шайлоо комиссиясынын мүчөсү; талапкердин, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрү; судьялар, прокурорлор, башка укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматчылары, аскер кызматчылары.

| Байкоочу **укуктуу:** | Байкоочу **укуксуз:** |
|---|---|
| 1) кандай гана болбосун деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын курамын түзүүгө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга; шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жүрүшүнө жана эсепке алуунун жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга; шайлоону маалыматтык жактан камсыз кылууга; | 1) шайлоо бюллетендерин шайлоочуларга берүүгө; |

| | |
|---|---|
| 2) шайлоочулардын тизмеси менен, добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө арыздардын (кайрылуулардын) реестри менен таанышууга; | 2) шайлоочунун өтүнүчү боюнча, шайлоочу үчүн шайлоо бюллетендерин алганына кол коюуга; |
| 3) добуш берүү күнү сутканын каалаган убагында добуш берүүчү жайда болууга жана шайлоочулардын добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүлөрүнө катышууга; | 3) шайлоочунун өтүнүчү боюнча, ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга; |
| 4) көпчүлүк алдында, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө өз пикирин баяндоого, билдирүү жасоого; | 4) добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуучу аракеттерди жасоого; |
| 5) ары-бери эркин жүрүүгө жана кайсы гана болбосун **шайлоо участкаларында жана шайлоо комиссияларында** болууга; | 5) шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жүргүзүп жаткан шайлоо бюллетендерин саноого түздөн-түз катышууга; |
| 6) добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузбастан, ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген уюштуруу жана добуш берүү тартибине, анын ичинде шайлоо бюллетендеринин берилишине байкоо жүргүзүүгө; шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын, шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин, жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин санын эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө; шайлоо бюллетендеринин мазмунун көрүүнү камсыз кылган аралыкта жана шарттарда шайлоочулардын добуштарын эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө; шайлоочулардын добуштарын саноодо толтурулган же толтурулбаган кандай болбосун шайлоо бюллетени менен таанышууга; шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорду жана башка документтерди түзүүлөрүнө байкоо жүргүзүүгө; | 6) шайлоо комиссиясынын ишине тоскоолдук кылуучу аракеттерди жасоого; |
| 7) өзү жиберилген участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына, ал эми ал жокто - аны алмаштырган адамга добуш берүүнү уюштуруу маселелери боюнча сунуштар жана сын пикирлер менен кайрылууга; | 7) шайлоочулардын арасында үгүт жүргүзүүгө; |
| 8) ал өзү жиберилген шайлоо комиссиясынын протоколу менен таанышууга жана шайлоо комиссиясынан протоколдордун жана ага тиркелген документтердин көчүрмөлөрүн алууга; | 8) тийиштүү шайлоо комиссиясы тарабынан чечимдерди кабыл алууга катышууга. |
| 9) өзү жиберилген шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) Мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга. | |

## 2.4. АШКнын мамлекеттик органдар, ЖӨБО, ИИБ жана ЖМКлар менен өз ара аракеттенүүсү

АШКнын мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүсү көп маселелерде тыгыз түрдө ишке ашырылат, алсак, шайлоо округдарынын жана шайлоо участкаларынын схемаларын жана чек араларын аныктоо процессинде АШК статистика чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, ошондой эле даректик каттоо жана ЖӨБ органдары  менен өз ара аракеттенет. Ыйгарым укуктуу органдар берилген маалыматтын өз учурунда берилиши, толук берилиши жана аныктыгы үчүн жоопкерчилик тартышат. Өз ара аракеттенүү, анын ичинде «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасын колдонуу менен жүзөгө ашырылат.

Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле алардын кызмат адамдары шайлоо комиссияларына алардын ыйгарым укуктарын ишке ашырууга көмөк көрсөтүүгө милдеттүү:

- зарыл болгон жабдууларды, транспорттук каражаттарды, телефондоштурулган жайларды, анын ичинде технологиялык жабдууларды (стенддер, ящиктер, добуш берүү үчүн кабиналар ж.б), жогору турган комиссияга  же архивге өткөрүп берүүгө чейин шайлоо документтерин сактоо үчүн жай берүүгө, ошондой эле аларды кайтарууну камсыз кылууну;
- зарыл болгон маалыматтарды жана материалдарды, шайлоо комиссиялардын шайлоо, референдум даярдоо жана өткөрүү  менен байланыштуу кайрылууларына кечиктирбестен жооп берүүгө, ал эми тийиштүү маселени  же текшерүүнү кошумча изилдөө зарылчылыгы болсо – **үч күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күндөн кийинки күнү-  токтоосуз** жооп берүүгө көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

Мамлекеттик органдардан, ЖӨБОдон тышкары, ошондой эле саясий партиялар, коммерциялык уюмдар,  башка юридикалык жактар шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү  менен байланыштуу зарыл болгон маалыматтарды жана материалдарды шайлоо комиссияларына шайлоону даярдоонун жүрүшүндө эки жумушчу күндүн ичинде, **ал эми ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күндөн кийинки күнү -  токтоосуз** берүүгө милдеттүү экендигин белгилеп кетүү керек.

Талаптарды аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн, ага тете мыйзам менен белгиленген мөөнөттөрдү бузган учурда мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, саясий партиялардын, башка коммерциялык эмес уюмдардын жана юридикалык жактардын өкүлдөрү мыйзамга ылайык жоопкерчилик тартышат.

Алсак, шайлоо округдарынын жана шайлоо участкаларынын схемаларын жана чек араларын иштеп чыгуу процессинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары  кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, ошондой эле даректик каттоо менен өз ара аракеттенет жана төмөнкү биргелешкен ишти жүргүзөт :

- ар бир шайлоо участкасынын чек араларынын чектеринде жайгашкан калктуу пункттарды жана көчөлөрдү инвентаризациялоо;
- КР административдик-аймактык жана аймактык бирдиктеринин обьекттерин белгилөө системасынын мамлекеттик классификатору (СОАТЕ) боюнча поселкалардын, айылдардын аталыштарын тактоо;
- ар бир курулманы эсепке алуу, аларды номерлөө;

- кайрадан катталган объекттерин туруктуу актуалдаштыруу;
- кыймылсыз мүлккө кадастр жүргүзүү жана укуктарды каттоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык органдарына тийиштүү документтерди жөнөтүү;
- тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары менен бирдикте шайлоо округдарынын жана шайлоо участкаларынын схемаларын жана чек араларын тактоо.

**АШК** зарылчылык болсо зарыл маалыматты тийиштүү мамлекеттик органдардан жана ЖӨБ органдарынан **суратууга укуктуу.**

**КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы менен өз ара аракеттенүү тартиби**

Аймактык шайлоо комиссиясынын сунушу боюнча БШК шайлоо участкаларынын схемаларын жана чек араларын карап чыгат жана бекитет жана алар бекитилген күндөн тартып 5 календарлык күндүн ичинде чек араларды жана даректерди көрсөтүү менен аларды ЖМКларга жарыялайт жана **шайлоочулардын алдын-ала тизмелерин** түзүү үчүн МККга берет.

Добуш берүү күнүнө чейин 85 (сексен беш) календарлык күндөн кеч эмес КР БШК Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган жана жүргөн, консулдук (убактылуу консулдук) эсепте турган жана биометрикалык каттоодон өткөн шайлоочулар тууралуу маалыматты КР ТИМден алынган маалыматты КР БШКнын 2020-жылдын 11-февралындагы № 40 токтому менен бекитилген Шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү жана тактоо боюнча Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары менен өз ара аракеттешүү тартиби жөнүндө жобонун 1-тиркемесине ылайык **шайлоочулардын алдын-ала тизмесин түзүү үчүн МККга** берет.

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону, Кыргыз Республикасынны референдумун даярдоодо жана өткөрүүдө:

МКК добуш берүү күнүнө чейин 80 (сексен) календардык күн мурда 18 жаш куракка чыккан, биометрикалык маалыматтарды тапшырган жарандар жөнүндө КБМКдан ШЭБСга автоматтык түрдө жүктөп алуу жолу менен **жаңыланган маалыматтарды** жана шайлоо участкаларынын чек араларын эске алуу менен **шайлоочулардын алдын ала тизмесин түзүү үчүн берет.**

**Шайлоочулардын** алдын ала тизмеси **шайлоочуларды** тааныштыруу жана көрсөтүлгөн маалыматтарга тиешелүү тактоо киргизүү, **шайлоочулардын** тизмелериндеги каталарды жана так эместиктерди аныктоо үчүн туруктуу же болбосо иш жүзүндө жашаган жери, шайлоочунун туулган датасы жөнүндө маалыматтарсыз участоктор, райондор жана шаарлар боюнча "Тизме" мамлекеттик порталында жайгаштырылат;

“Тизме” мамлекеттик порталында шайлоочулардын алдын ала тизмеси жарыяланган учурдан тартып МКК күн сайын ШЭБСга төмөнкү жарандар жөнүндө маалыматтарды киргизип турат:

- *КР жаранынын паспортун алган;*
- *биометрикалык каттоодон өткөн;*
- *өзүнүн жеке маалыматтарын өзгөрткөн (Ф.А.А., жеке идентификациялык номери);*
- *КР жарандыгынан чыккандар;*
- *паспортунда тиешелүү белгиси менен туруктуу жашаган жерин өзгөрткөндүгү жөнүндө маалыматтар;*
- *каза болгондор (каза болгондугу тууралуу күбөлүктүн негизинде).*

МКК **добуш берүү күнүнө чейин 75 (жетимиш беш) календардык күндөн кечиктирбестен** биометрикалык маалыматтарды жыйноо пункттарынын тизмесин, анын ичинде Кыргыз Республикасынын чегинен тышкаркы жердегилерин, алардын иштөө регламентин, жайгашкан даректерин жана байланыш маалыматтарын көрсөтүү менен КР БШКга берет

**Добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күн мурда** МКК жогоруда аталган жарандар жөнүндө маалыматты БШКга берүүнү токтотот.

МКК отчеттук мезгилден кийинки айдын 2 числосунда ай сайын, ал эми шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде – ар бир үч күн сайын тийиштүү АШКлардагы КР БШКнын системдик администраторлоруна катталган жана чыккан шайлоочулар боюнча реестрди КР БШКнын 2020-жылдын 11-февралындагы № 40 токтому менен бекитилген Шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү жана тактоо боюнча КР БШКнын Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары менен өз ара аракеттешүү тартиби жөнүндө жобонун 4-тиркемесине ылайык берет.

**Добуш берүү күнүнө чейин 35 календардык күн мурда** БШК шайлоочулар жөнүндө актуалдаштырылган маалыматты камтыган **шайлоочулардын контролдук тизмесин** түзөт, басып чыгарат жана УШКга жөнөтөт.

Шайлоочулардын тизмеси менен таанышкан учурдан тартып, бирок **добуш берүү күнүнө чейин 15 календардык күндөн кечиктирбестен** ар бир шайлоочу шайлоочулардын тизмесиндеги ката же так эместикти тапкан учурда, ошондой эле шайлоо участогу боюнча добуш берүүгө ниети болсо бекитилген форма (1 жана 2-формалар) боюнча арыз менен кайрылууга укуктуу.

Шайлоочулардан келип түшкөн арыздар иштелип чыккандан жана КБМРде камтылган маалыматтар менен шайлоочулардын тизмеси актуалдаштырылгандан кийин КР БШК **шайлоочулардын биротоло тизмесин** түзөт.

**Добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күн мурда:**

1) КР БШК шайлоочуларды идентификациялоо боюнча жабдыктарынын комплектилерин даярдоо үчүн электрондук форматта шайлоочулардын биротоло тизмелерин МККга берет;

2) МКК шайлоочуларды идентификациялоо боюнча программалык камсыздоону серверлерге жана клиент ноутбуктарына орнотууну камсыздайт, ошондой эле ШЭБС жөнүндө жободо бекитилген формада ар бир шайлоо участогу боюнча биометрикалык маалыматтары менен бирге шайлоочулардын биротоло тизмелерин серверлерге жүктөйт;

3) БШК шайлоочулардын жеке маалыматтарына биометрияны байланыштыруу менен үзгүлтүксүз иштеп турушуна идентификациялоо боюнча жабдуулардын комплекстүү текшерүүнү жүргүзөт.

КР БШК **добуш берүү күнүнө чейин 3 (үч) календардык күн** мурда идентификациялоо жабдууларынын комплекттилерин, чыгымдалуучу материалдарды жеткирүүнү камсыздайт жана идентификациялоо жабдууларынын сакталышы менен бүтүндүгүн камсыздоо үчүн аларды жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга өткөрүп берет.

**Шаарлардын мэрияларынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын алдында идентификациялоо жабдууларынын кабыл алуу, сактоо жана УШКларга жеткирүү боюнча штаб түзүлөт. Штабдын курамына аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, МККнын аймактык бөлүмдөрүнүн жана башка мамлекеттик органдардын кызматкерлери кирет.**

Добуш берүү аяктагандан кийин МКК шайлоолорго катышкан шайлоочулардын тизмесин түзөт жана токтоосуз түрдө анын электрондук версиясын КР БШКга берет

**Башка ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен өз ара аракетенүүсү**

Стационардык дарылоо-профилактикалык мекемелерде, шектелүүчү жана айыпталуучу катары камакта кармоочу жерлерде болгон шайлоочулардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын эсебин алууну уюштуруу максатында ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги ар бир жылдын 1-февралына жана 1-августуна карата абал боюнча жогоруда аталган шайлоочулардын анык саны жөнүндө маалыматтарды КР БШКга берүүгө милдеттүү.

**Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо, Кыргыз Республикасынын референдумун өткөрүүнү даярдоодо жана өткөрүүдө** КР ССМ, КР УКМК, ЖАМК, КР КИМК, КР ККГШ, КР ИИМ, КР ЭСӨМ, үзгүлтүксүз циклде иштеген ишканалардын (вахталык иштердин) жетекчилери добуш берүү күнү стационардык дарылоо-профилактикалык мекемелерде, шектелүүчү жана айыпталуучу катары камакта болгон жерлерде, үзгүлтүксүз циклде иштеген ишканаларда (вахталык иштерде) турган шайлоочулар, мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчылары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү жана аскер бөлүктөрүндө турган башка адамдар тууралуу маалыматтарды түзөт жана **добуш берүү күнүнө чейин 12 (он эки) календардык күндөн кечиктирбестен** тийиштүү УШКга берет.

**Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги менен өз ара аракеттенүү**

Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону, Кыргыз Республикасынын референдумун өткөрүүнү даярдоодо жана өткөрүүдө добуш берүү күнүнө чейин 85 (сексен беш) календардык күндөн кечиктирбестен КР ТИМ консулдук (убактылуу консулдук) эсепте турган жана биометрикалык каттоодон өткөн, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган жана жүргөн шайлоочулар тууралуу маалыматтарды КР БШКга берет.

Чет өлкөлөрдөгү Кыргыз Республикасынын тийиштүү дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн жана консулдук мекемелеринин жетекчилери шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде жүргөн же турган жериндеги шайлоо дареги боюнча добуш берүү ниети жөнүндө шайлоочунун арызы (№ 2 форма) келип түшкөн күндөн тартып шайлоочуну арызда көрсөтүлгөн мөөнөткө убактылуу консулдук эсепке алынган адам катары каттайт жана № 2 форма боюнча арызды берүү жолу менен убактылуу консулдук эсепке алынган шайлоочулар жөнүндө маалыматты токтоосуз КР ТИМ аркылуу КР БШКга берет.

Чет өлкөлөрдөгү участкалык шайлоо комиссиялары **добуш берүү күнүнө чейин 15 календардык күн мурда** шайлоо дареги өзгөргөндүгү жөнүндө шайлоочулардын арыздарын кабыл алууну токтотот.

**Аймактык шайлоо комиссиялары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары**

Аймактык шайлоо комиссиясы шайло округдарынын схемаларын жана чек араларын түзүүнүн алдында:

- райондук статистика бөлүмдөрүнөн учурдагы жылдын 1-январына карата айылдык кеңештин калкынын саны жөнүндө маалыматтарды суратат;
- акыркы датага карата шайлоочулардын саны жөнүндө калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын райондук бөлүмүнө суроо-талап жөнөтө алат.

Аймактык шайлоо комиссиясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирдикте шайлоо округдарынын жана шайлоо участкаларынын схемаларын жана чек араларын иштеп чыгат (жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо датасы дайындалган учурдан тартып).

Шайлоо участогунда шайлоочулардын белгиленген көрсөткүчүнөн ашкан учурда **АШК** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашуу боюнча **жаңы шайлоо участкасын ачуу зарылдыгы жөнүндө** БШКга сунуш киргизет.

Жаңы шайлоо участкасын ачуу мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда **АШК көчөлөрдү** (көчөнүн бөлүгүн) **башка жакын турган шайлоо участогуна** алардын добуш берүүсү үчүн максималдуу ыңгайлуулуктарды камсыз кылуу менен кошуу жөнүндө **БШКга сунуш киргизет.**

Мындай учурларда **АШК жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирдикте** арыздар (даттануулар) болбошу үчүн жаңы шайлоо участкаларын түзүү же көчөлөрдү (көчөнүн бөлүгүн) башка жакын турган шайлоо участогуна алардын добуш берүүсү үчүн максималдуу ыңгайлуулуктарды камсыз кылууну эске алуу менен кошуу маселелери боюнча **жергиликтүү калктын арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин уюштурууну** сунуш кылат.

Шайлоо учаскасынын жайына башкы талаптардын бири өрт коопсуздугун камсыз кылуу болуп саналат. Андыктан жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын башчысы, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы (шаардын мэри, айыл өкмөтүнүн башчысы), шайлоо комиссиясы добуш берүү үчүн жайды тандоодо төмөнкүлөрдү эске алууга тийиш:

- жайда оң жана иштеген автоматтык өрт сигнализациясынын жана өрт чыккан учурда билдирүү жана адамдарды эвакуациялоону башкаруу системасынын болушу;
- өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык эвакуациялык чыга бериштердин болушу жана абалы;
- өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттарынын болушу;
- өрт чыккан учурда (анын ичинде добуш берүү үчүн жайдан) эвакуациялоо планынын болушу.

| |
|---|
| **АШК** инфекциянын жайылышын болтурбоо жана санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту камсыз кылуу максатында шайлоо участкаларында идентификациялоону жүргүзүүдө жана добуш берүүнү өткөрүүдө шайлоочуларга коргонуу жана дезинфекциялоо каражаттарын (антибактериалдык салфеткалар, санитайзерлер, жабдуулардын операторлору үчүн латекс колкаптары ж.б) өздөрү колдонушу жана шайлоочуларга берүүсү, үстүнкү беттерди дезинфекциялоо каражаттары менен тазалоо керектигин **эскертет.** |

УШК төрагасы комиссиянын мүчөлөрүнүн ичинен өрт жана санитардык коопсуздук үчүн жоопту адамдарды дайындоого тийиш жана шайлоо мезгилинде участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн ортосунда (коргонуу жана дезинфекциялоо каражаттары үчүн, шайлоочуларды эвакуациялоо үчүн ким жооп берет, шайлоо документтеринин сакталышын ким камсыз кылат, өрт жөнүндө өрт бөлүгүнө ким билдирет ж.б.) бөлүштүрүшү керектиги жөнүндө **эскертет.**

Шайлоо участкасында жайды участкалык шайлоо комиссиясына өткөрүп бергенге чейин шайлоо участогу жайгашкан объекттин жетекчиси,

- мамлекеттик өрт көзөмөлү органдарынын жазма буйруктарын толук аткарууну камсыз кылуу, анын ичинде буйрук менен тийиштүү өрт коопсуздугу режимин белгилөө,
- ички өрткө каршы суу түтүгүнүн (болсо), жарык берүү жана ток тармактарынын оң экендигин текшерүү,

- автоматтык өрткө каршы системаны сыноо,
- өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттарынын, байланыш жана билдирүү каражаттарынын болушун камсыз кылуу,
- шайлоо комиссиясынын төрагасы, шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана участокту тейлөө үчүн тартылган персонал менен бирдикте өрт коопсуздугунун чаралары жана аракеттери жөнүндө кол койдуруу менен нускоо берүү,
- жана аларды жайлардын жайгашуусу, эвакуациялоо жолдору, эвакуациялоо чыга бериштери, өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттары, телефондук байланыш каражаттарынын жана сигнал берүү каражаттарынын жайгашкан жери менен тааныштыруу.

**АШК** өрт чыккан учурда адамдарды эвакуациялоонун кабат-кабат боюнча пландары (схемалары), өрт коопсуздугунун талаптарын сактоо боюнча нускаманын жана адамдарды эвакуациялоо, бюллетендерди жана мүлктү алып чыгууну камсыз кылуу боюнча шайлоо комиссиясынын тейлөөчү персоналынын жана мүчөлөрүнүн аракеттерин аныктаган нускама көрүнүктүү жерде илинүүсүнө **көңүл бурушу керек.**

Ар бир телефон аппаратынын жанында өрттөн коргоонун жакынкы бөлүмүн чакыруу телефону менен чакан таблица коюлат.

Электр энергиясы өчүп алган учурга шайлоо участкасынын имараты азыктануунун альтернативалуу булактары, фонарлар жана чычала менен камсыздалат.

## АШКнын мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү бийлик органдары менен ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулардын шайлоо укуктарын камсыз кылууда өз ара аракеттенүүсү

| |
|---|
| Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулар деп, активдүү шайлоо укугуна ээ, жалпы шарттарда шайлоо укуктарын толук жүзөгө ашырууну чектөөгө алып келген **угуу, көрүү, таяныч-кыймыл аппаратынын функциялары бузулган,** оорулар, жаракаттардын же кемчиликтердин кесепеттери менен шартталган, организм функциялары туруктуу бузулган ден соолугу начар Кыргыз Республикасынын жарандары таанылат. |

АШК/УШК ДМЧ шайлоочулар менен өз ишинде майыптуулук категориясы менен шартталган алардын өзгөчөлүктөрүн эске алышы керек.

**АШК төмөнкү иш-аракеттерди контролдойт:**

- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочуларды маалымдоону;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочуларды үгүттөөгө контролдук кылууну жана мониторинг жүргүзүүнү;
- добуш берүү үчүн жайлардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана добуш берүү үчүн жайларды атайын жардам берүү каражаттары менен жабдууну (ДМЧ шайлоочулардын Керектөө картасын түзүү);
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын жашыруун добуш берүүсүн ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүүнү.

## Шайлоочулардын тизмесиндеги ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулардын маалыматтарын киргизүү, так эместиктерди оңдоо

ЖӨБО шайлоо датасы жарыялангандан кийин шайлоочулардын тизмесинде өзүнүн бар экендигин текшерүү жана добуш берүүгө катышуу үчүн шайлоо участкасына келе албаган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аймагында жашаган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген жарандардын тизмесин берүү жөнүндө суроо-талапты социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө жөнөтөт.

Социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү суроо-талап келип түшкөндөн кийин беш күндүк мөөнөттө суроо-талап кылынган маалыматты жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берет.

ЖӨБО бар болгон маалыматтардын негизинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген жарандардын тизмесин түзөт жана муниципалдык мекемелер жана аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары (муниципалдык аймактык башкаруулар, үй, көчө жана кварталдык комитеттер, жамааттар ж.б.) аркылуу тийиштүү шайлоо участкасындагы шайлоочулардын тизмесинде аларды тактоо боюнча ишти уюштурат.

Тийиштүү шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесинде жаран жок болгон учурда ЖӨБО МККнын Тейлөө борбору аркылуу (119 акысыз номери боюнча) шайлоочу жөнүндө төмөнкү маалыматты текшерет:

А) башка шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесинде шайлоочунун бар экендигин;

Б) шайлоочулардын тизмесинде шайлоочунун жок экендигин.

Эгерде шайлоочу башка шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесине киргизилсе же анын жеке маалыматтарында так эместиктер аныкталса (дареги, Ф.А.А. туура эмес жазылса ж.б.), анда ЖӨБОнун өкүлдөрү № 3 форма боюнча арыз толтурууга көмөк көрсөтүшөт (ушул Жобонун 3-тиркемеси) жана инсандыгын тастыктаган документтин көчүрмөсү (паспорт) менен чогуу добуш берүү күнүнө чейин 15 календарлык күндөн кечиктирбестен аларды участкалык шайлоо комиссиясына берет.

Эгерде шайлоочу шайлоочулардын тизмесинде жок болсо, анда ЖӨБО добуш берүү күнүнө чейин 15 күндөн кечиктирбестен МКК менен бирдикте аталган жарандын биометрикалык каттоодон өтүүсүн камсыз кылат. Биометрикалык маалыматтарды топтоо боюнча МККнын көчмө тобунун иштөө графиги жарандардын каалоолорун эске алуу менен ЖӨБО өкүлдөрү менен бирдикте түзүлөт. Биометрикалык каттоодон өткөндөн кийин анын маалыматтарын МКК тийиштүү участканын шайлоочуларынын тизмесине киргизет.

**Добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу (Керектөө картасы)**

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулардын шайлоо укуктарын ишке ашыруу шарттарын камсыз кылуу, максималдуу мүмкүн болгон жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында **аймактык шайлоо комиссиясы** социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактын бөлүмдөрү менен бирдикте ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулардын **керектөө картасын добуш берүү күнүнө чейин 60 календардык күндөн кечиктирбестен түзөт.**

Керектөө картасы добуш берүү үчүн жайда өзгөчө шарттардын түзүлүшүнө муктаж ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген жарандар жөнүндө БШК бекиткен **формага** ылайык бардык маалыматтарды көрсөтүү менен **сандык жана сапаттык маалыматтарды** топтоо үчүн колдонулат

**Керектөө картасынын формасы өзүнө төмөнкү маалыматтарды камтыйт:**

- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочунун жеке маалыматтарын (фамилиясы, аты, атасынын аты, жеке идентификациялык номери, туулган датасы, туруктуу жашаган жеринин дареги);
- майыптуулук тобу (I, II, III топ) жана бузулуу түрлөрү (угуусу, көрүүсү, таяныч-кыймыл-аракет аппаратынын функциясы);
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочунун башка зарыл керектөөлөрү жөнүндө эскертме.

ДМЧ менен шайлоочулардын сандык маалыматтарын аныктоо максатында (жеке маалыматтары) БШКнын АШКнын алдындагы атайын өкүлү тиешелүү аймакта жашаган ДМЧ жарандар жөнүндө маалыматтарды (анын ичинде пин, каттоо дареги, майыптуулук тобу жана ден соолугунун бузууларынын түрү) берүү тууралуу суроо-талапты социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын тийиштүү аймактык бөлүмүнө, Социалдык фондунун аймактык бөлүмдөрүнө жөнөтөт. Шайлоочулардын жеке маалыматтары УШКдагы Керектөө картасына киргизилет жана тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

**АШК Керектөө картасын алгандан кийин УШКнын ишин контролдойт,** добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүнө жана маалыматтык материалдардын жеткиликтүүлүгүнө баа берет. Добуш берүү үчүн жайдын имараттын кире беришиндеги пандустун болушу же жоктугу ДМЧ шайлоочулардын Керектөө картасында көрсөтүлөт.

АШК жана УШК шайлоону уюштурууда  (шайлоо участкаларынын жана добуш берүү үчүн жайлардын жабдуулары) ДМЧ шайлоочулар шайлоодо башка жарандар менен бирдей шарттарда катышып жаткандыгын эске алышы керек, бирок алар үчүн өз укуктарын толук көлөмдө ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берген атайын шарттарды түзүү зарыл. Мындай шайлоочуларды коомдук-саясий турмушка кыйла интеграциялоо максатында шайлоо комиссиялары мындай шайлоочулардын добуш берүү үчүн жайларга жеке баруусу добуш берүү күнү алардын активдүү шайлоо укугун ишке ашырууну тандоодо артыкчылыктуу болушу керектигин эске алуу керек. Ушуга байланыштуу Керектөө картасынын формасынын «керектөөлөр» сабында шайлоочунун ден соолугунун бузулушунун түрүнө жараша ага жардам уюштуруу жана бул керектөөгө ылайык келген добуш берүү үчүн жайды жабдуу боюнча зарыл чаралар жазылат.

Добуш берүү жайындагы жабдуулар ДМЧ шайлоочулардын керектөөлөрүн эске алуу менен жабдылууга тийиш жана төмөнкү талаптар сакталышы керек:

- столдор, добуш берүү үчүн кабиналар жана урналар, ошондой эле маалыматтык тактала коляска колдонгон же өз алдынча ары-бери жүрүүсү кыйын болгон шайлоочулар үчүн анын жеткиликтүүлүгү (бийиктиги, туурасы, ылдыйышы жана жайгашуу орду боюнча) камсыз болгудай жайгашуусу керек;
- добуш берүү үчүн бир кабина полдун деңгээлинен 75 см  ашык эмес бийиктикте жайгашкан, туурасы 40 см кем эмес жана ылдыйышы 30 см кем эмес бюллетенди толтуруу үчүн орун (стол, текче, койгуч ж.б.) менен жабдылышы керек.
- Добуш берүү үчүн жайда чоңойтуучу айнек (лупа)  жана Брайль трафаретин жайгаштыруу керек, мүмкүн болсо кошумча жарык берүү, отургучтар коюлушу керек (добуш берүү үчүн бир кабинага);
- Добуш берүү үчүн урналар (АЭУ) добуш берүү үчүн жайда болгон адамдар бюллетендеги коюлган белгини көрө албагыдай добуш берүү үчүн жайда атайын жабдылган кабинадан бир жарым метрден ашык эмес аралыкта жайгашуусу керек

ДМЧ шайлоочунун жашаган жеринен добуш берүү үчүн жайга чейинки жүрүү маршрутунун мүмкүн болушунча жеткиликтүүлүгүн максималдуу камсыз кылуу максатында **АШК** тийиштүү аймактык бөлүмдөргө, ЖӨБОго **кайрылуу жибере алат.**

- мындай шайлоочуларга атайын транспортту бөлүү, социалдык таксини уюштуруу жөнүндө  ж,б.;
- мындай шайлоочуларды коштоого жардам көрсөтүү жөнүндө ыктыярчыларды, сурдокотормочуларды  ишке тартуу, «ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген  коңшу шайлоочуну ала кел» акциясын өткөрүү же ушул сыяктуу социалдык акцияларды өткөрүү жөнүндө.

Жогоруда аталган иш-чараларды ишке ашырууда **АШК добуш берүүгө катышууда, тикелей эрк билдирүүдө кийлигишүүнүн, сатып алуунун жол берилбести жана добуш берүүнүн жашыруундуулугу жөнүндө маалымат бериши керек.** Жогоруда аталган бузууларга жол берилген учурда мыйзам менен каралган жазык жана башка жоопкерчилик келип чыгаарын маалымдоо зарыл,

Эгерде добуш берүүчү жай ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын кирүүсү үчүн атайын түзүлүштөр менен жабдылбаса, тиешелүү **шайлоо комиссиясы шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен** тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн чараларды көрүү кайрылуусун жөнөтөт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле алардын кызмат адамдары аларга шайлоо комиссиялары кайрылган учурда добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды токтоосуз көрүүгө милдеттүү. Шайлоо комиссиясынын кайрылуусун аткарбоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

Пандустарды орнотуу мүмкүн болбогон учурда (техникалык себептер боюнча), зарыл жана убактылуу чара катары жардам көрсөтүү баскычын орнотууга жол берилет. Бул максаттарда аталган шайлоочуларга жардам көрсөтүү үчүн жооптуу адамды аныктоо сунушталат.

**Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочуларды маалымдоо**

| |
|---|
| Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, шайлоо комиссиялары жарандарга өз убагында маалымат берүү жана анын аныктыгы үчүн жоопкерчилик тартышат. |

**АШК ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочуларды маалымдоо боюнча атайын зарыл чараларды көрөт:**

- маалыматтык материалдар сурдокотормону же субтитрди колдонуу менен укма-көрмө форматта (санариптик алып жүрүүчүдө) даярдалып, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулар үчүн окууга ыңгайлуу чоңойтулган шрифт менен басылып, ошондой эле Брайль шрифтин же башка атайын каражаттарын пайдалануу менен даярдалууга тийиш.
- маалыматтык тактада чоңойтулган шрифт менен басылып жана (же) Брайль шрифтин колдонуу менен материалдар жайгаштырылат;
- шайлоо участкаларында маалыматтык материалдар укма-көрмө форматта (санариптик алып жүрүүчүдө) болуп, шайлоо өнөктүгү жөнүндө маалыматтык материалдар (өзүн шайлоочулардын тизмесинен текшерүү, добуш берүү мезгили жана убактысы, негизги шайлоо аракеттери, түз линия телефондору) басылып, шайлоого катышкан саясий партиялар, добуш берүү тартиби, бюллетенди толтуруу тартиби жана башка жол-жоболорду аткаруу жөнүндө маалымат болушу керек.

**АШК/УИК** шайлоочулардын тиешелүү категорияларынын арасында **өз алдынча да,** ошондой эле **социалдык коргоо органдарын,** социалдык тейлөө уюмдарын, майыптуулугу бар адамдардын коомдук уюмдарын, азиздер үчүн атайын китепканаларды, башка уюмдарды тартуу менен ДМЧ шайлоочулар көп барган жерлерге (социалдык өнүктүрүү органдары, социалдык кызмат көрсөтүү уюмдары, Социалдык фондунун бөлүмдөрү, бейтапканалар, аптекалар, китепканалар, социалдык дүкөндөр ж.б.) материалдарды жайгаштыруу менен **маалыматтык материалдарды тарката алат.**

**АШК/УИК** шайлоочулар менен «түз линиялардын» мүмкүнчүлүктөрүн, анын ичинде шайлоо комиссияларынын факсимилдик, мобилдик байланышын жана интернет-ресурстарын колдонуу менен ДМЧ шайлоочуларга **консультативдик, юридикалык жардам көрсөтө алышат. Бул ишке майыптуулугу бар адамдардын коомдук уюмдарынын өкүлдөрүн ишке тартуу сунушталат** (Брайль шрифти менен басып чыгарган уюмдардын тизмеси: «Бирдей мүмкүнчүлүктөр» социалдык борбору – 0559 03 30 46; Кыргыз азиздер жана дүлөйлөр коому – 0555 86 99 99).

**АШК/УИК** кресло-коляска колдонгон шайлоочуларды маалыматтык жактан камсыз кылуу үчүн ЖӨБО менен бирдикте шайлоо жөнүндө көрмө материалдарды аталган категориядагы шайлоочулар кошумча күч-аракетсиз тааныша алгыдай эл көп барган жерлерге жайгаштыруусу сунушталат.

**Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочуларды үгүттөөнү контролдоо жана мониторинг жүргүзүү**

АШК/УШК үгүт материалдарынын жалпы санынын бир пайызынан ашык эмес санда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулар үчүн маалыматтык материалдарды сурдокотормону же субтитрди колдонуу менен окууга ыңгайлуу чоңойтулган шрифт менен басылган, ошондой эле Брайль шрифтин же башка атайын каражаттарын пайдалануу менен даярдалган үгүт материалдарын жарыялоого жана таркатууга милдеттүү экендиги жөнүндө саясий партияларга маалымдоого тийиш.

Азиз жана көрүүсү начар шайлоочулар үчүн – үгүт материалдары укма-көрмө форматта, анын ичинде радио берүү режиминде, окууга ыңгайлуу чоңойтулган шрифт жана/же Брайль шрифтинин жардамы менен басылган үгүт материалдары же башка атайын каражаттарын пайдалануу

Дүлөй жана угуусу начар шайлоочулар үчүн – сурдокоторуу жана/же субтитри менен үгүт материалдары (видеороликтер).

**Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын жашыруун добуш берүүсүн ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү**

Шайлоо участкалары шайлоо бюллетендерин ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар өз алдынча толтуруусу үчүн, анын ичинде Брайль шрифтин колдонуу менен басылган бюллетендерди жайда жана жайдан тышкары жай толтуруусу үчүн атайын трафареттер менен жабдылат.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулардын жайларда жана жайдан тышкары добуш берүүсүнүн тартиби төмөнкү өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жалпы негиздерде жүзөгө ашырылат:

- добуш берүү үчүн жайда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочу келгенде, оболу ал кандайдыр бир жардамга муктаж экендигин аныктоо зарыл;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулар участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүндө болгон чоңойтуп көрөтүүчү айнек (лупа) же Брайль трафарети менен колдоно алат;
- комиссиясынын мүчөлөрү жол көрсөткөн ити бар шайлоочуну добуш берүү үчүн жайга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылышы керек;
- шайлоо бюллетенин алгандыгына өз алдынча кол кое албаган, шайлоо бюллетенин толтура албаган ДМЧ шайлоочу шайлоо комиссиясынын мүчөсү болуп саналбаган башка шайлоочунун, саясий партиянын өкүлүнүн, байкоочунун жардамынан пайдаланса болот. Мындай учурда шайлоочу башка адамдын жардамынан пайдалануу ниети жөнүндө УШКга оозеки билдирет;

- шайлоо бюллетенин алгандыгына өз алдынча кол кое албаган, шайлоо бюллетенин толтура албаган адамдын өтүнүчү боюнча дайындалган адам шайлоочунун эрк билдирүүсүнө толук ылайык аракеттерди жасоого милдеттүү.

**Ички иштер органдары менен өз ара аракеттенүү**

Кыргыз Республикасында шайлоо жашыруун добуш берүүдө жалпы, бирдей жана тикелей шайлоо укугунун негизинде республиканын жарандарынын өздөрүнүн шайлоо укуктарын эркин жана ыктыярдуу жүзөгө ашырууларына негизденет. **Жарандарды шайлоого катышууга же катышпоого мажбурлоо максатында, ошондой эле өз эрктерин эркин билдирүүлөрүндө аларга таасир тийгизүүгө эч кимдин укугу жок.**

**КР колдонуудагы мыйзамдары менен ички иштер органдарына шайлоо комиссияларынын шайлоону, референдумдарды даярдоо жана өткөрүү боюнча алардын мыйзамдуу ыйгарым укуктарын ишке ашырууда мамлекеттик бийлик органдарына жана ЖӨБОлорго көмөк көрсөтүү милдети жүктөлгөн.**

Ички иштер органдары шайлоо участкасынын аймагында добуш берүүнү өткөрүүдө –. УШКнын төрагасынын чакыруусу боюнча коомдук тартипти камсыз кылат.

Мамлекеттик органдардын жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын жарандардын шайлоо укуктарын, шайлоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарын бузган чечими жана (же) аракети (аракетсиздиги) прокуратура органдарында, ички иштер органдарында даттанылышы мүмкүн.

*Шайлоону даярдоонун жүрүшүндө шайлоочулардын, саясий партиялардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздары (даттануулары) келип түшкөн учурдан тартып ички иштер органдары тарабынан 2 күндүк мөөнөттө, ал эми шайлоо күнү жана шайлоого чейинки күнү токтоосуз каралууга жатат. Эгерде фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер **3 күндүк мөөнөттөн кеч эмес** кабыл алынат. Кабыл алынган чечимдин көчүрмөсү тиешелүү шайлоо комиссиясына тез арада жөнөтүлөт.*

**Жарандардын конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине каршы кылмыштар жана жосундар жөнүндө жазык иштери боюнча сотко чейинки өндүрүш ички иштер органдары тарабынан ишке ашырылат.**

**Ички иштер органдары - коомдук тартипти бузууга тийиштүү** жарандардын арыздарын (даттанууларын), **ошондой эле шайлоо процессинин катышуучуларынын аракеттерине тишелүү арыздарды** (даттанууларды) кароо боюнча иш жүргүзөт, буга аткаруу бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары кирбейт, алар мыйзамдар менен каралган жоопкерчиликти тартат (ЖК, Жосундар жөнүндө кодекс).

**Прокуратура органдары – шайлоо мыйзамдарынын аткаруу бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдары тарабынан сакталышына көзөмөл жүргүзөт,** ошондой эле мыйзамдарда белгиленген жазык жоопкерчилик каралган алардын аракеттерине арыздарды (даттанууларды) карайт (ЖК, Жосундар жөнүндө кодекс). Мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын шайлоо мыйзамдарын кылмыштык укук бузуулары болгон учурда жана кылмыш иши козголгон учурда (шектелүү жөнүндө билдирме чыгарылганда) андан ары териштирүү үчүн тийиштүү тергөө органдарына жөнөтүлөт.

**Добуш берүү күнү жана ага чейинки күн ички иштер жана башка укук коргоо органдары, ошондой эле сот органдары үчүн жумуш күн эсептелет.**

Участкалык шайлоо комиссиялары добуш берүү күнүнүн алдында иштин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча бардык чараларды көрүшү керек, мындаа **ички иштер органдары**

**алгылыктуу жардам көрсөтүшөт.** максатында ички иштер органдары жайларын жана шайлоо документтерин кайтаруу боюнча чаралардын комплексин ишке ашырат.

Ички иштер органдарынын маанилүү милдеттеринин бири участкалык шайлоо комиссияларынын ишинин коопсуздугун камсыз кылуу болуп саналат. Бул максаттарда төмөнкү иш чаралардын комплекси ишке ашырылат:

- жогору турган шайлоо комиссияларынан участкалык шайлоо комиссияларына жана кайра шайлоо бюллетендерин коштоо боюнча
- участкалык шайлоо комиссияларынфн жайларын, жабдууларын жана шайлоо документтерин кайтаруу боюнча;
- шайлоо участкасында добуш берүү күнү жана добуш берүү үчүн жайда жана добуш берүү аяктагандан кийин участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө, анын ичинде эгерде аларга каршы аракет жасалган же коркунуч жаралган учурда алардын мыйзамдуу иштерин жүзөгө ашыруу боюнча;
- шайлоо мыйзамдарын бузуулар аныкталганда жана аларды четтетүүдө участкалык шайлоо комиссиялары менен өз ара аракеттенүү боюнча.

УШК төрагасы добуш берүү үчүн жайдагы тартипке көз салат. Добуш берүү үчүн жайда коомдук тартип бузулган учурларда участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү үчүн жайда коомдук тартипти камсыз кылуу максатында укук коргоо органдарынын кызматкерлерине жардам сурап кайрылууга укуктуу. Коомдук тартипти калыбына келтиргенден кийин укук коргоо органдарынын кызматкерлери добуш берүү үчүн жайдан кетиши керек. УШК төрагасынын анын ыйгарым укуктарынын чектериндеги жана шайлоо процессинин субьектилеринин укуктарын бузбаган тескемелери добуш берүү үчүн жайдагы бардык катышуучулар үчүн милдеттүү.

Добуш берүү үчүн жайга кирүү саясий партиялардын өкүлдөрүнүн байкоосуна тоскоолдук жаратпастан, шайлоочуларлын топтошуусу болбогондой жүргүзүлүшү керек.

Шайлоо мыйзамдарын бузуу жөнүндө фактылар колдо болгон байланыш каналдары аркылуу тиешелүү шайлоо комиссиясынын **Ыкчам чара көрүүчү координациялык тобуна** билдирилет.

УШК жайларын ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан кайтаруусу УШКнын төрагасы менен макулдашуудан кийин шайлоо документтери - шайлоо тизмелери комиссияга келип түшкөндөн кийин, ал эми күнү-түнү кайтаруу - участкалык шайлоо комиссияларынын жайларына шайлоо бюллетендери сактоого келип түшкөндөн кийин жүргүзүлөт.

**Милиция кызматкерлери шайлоочуларга алардын шайлоо укуктарын ишке ашыруу боюнча консультацияларды көрсөтпөйт. Мында түрдөгү маселелер келип чыккан милиция кызматкерлери шайлоочуну УШКнын төрагасына, катчысына же УШКнан башка мүчөсүнө жиберет.**

Шайлоо участкасында кызмат өтөөнүн жүрүшүндө милиция кызматкери өзүнүн компетенциясынын чектеринде жарандардын коопсуздугун, коомдук тартипти, шайлоо участкасынын жайында болгон жарандардын коопсуздугун коргоого багытталган чаралардын комплексин аткарат.

Шайлоо участкасынын жайында болгон жарандардын коопсуздугуна коркунуч келип чыккан учурда милиция кызматкери шайлоо участкасындагы коооптуу кырдаал жөнүндө токтоосуз өзүнүн тикелей жетекчилигине жана ИИБдагы нөөмөтчүгө билдирип жана анын көрсөтмөсү боюнча аракет жасашы керек.

## 2.5. Аймактык шайлоо комиссиясы жана шайлоо бюллетендери

***(«КР Президентин шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 30-беренеси менен жөнгө салынат)***

Добуш берүүгө катышуу үчүн шайлоочу шайлоо бюллетенин алат, ал так эсептеги документ болуп саналат. Анын таризин жана коргоо даражасын Борбордук шайлоо комиссиясы аныктайт. Шайлоо бюллетендеринин саны катталган шайлоочулардын санынан 0,1 пайыздан ашык болбошу керек.

Шайлоо бюллетенинин таризи жана тексти добуш берүү күнүнө 25 календардык күн калгандан кечиктирилбестен, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилет. Шайлоо бюллетенинин тексти анын бир гана бетинде жайгаштырылышы керек.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо шайлоо бюллетенинде саясий партиялардын аталыштары чүчү кулакта аныкталгандай кезекте көрсөтүлөт.

Шайлоо участкалары ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар шайлоо бюллетендерин өз алдынча толтуруусу үчүн атайын трафареттер, анын ичинде Брайль ариби колдонулган бюллетендер менен жабдылат.

Борбордук шайлоо комиссиясы аймактык шайлоо комиссияларына шайлоо бюллетендерин акт боюнча, аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн жарымынан кем эмесинин катышуусунда өткөрүп берет. Саясий партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү шайлоо бюллетендерин өткөрүп берүүдө катышууга укуктуу.

**Аймактык шайлоо комиссиялары** участкалык шайлоо комиссияларына шайлоо бюллетендерин акты боюнча, участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн жарымынан кем эмесинин катышуусунда **өткөрүп берет.** Саясий партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү шайлоо бюллетендерин өткөрүп берүүдө катышууга укуктуу.

Шайлоо бюллетендерине участкалык шайлоо комиссиясынын тиешелүү мөөрүн коюу менен участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы кол коет.

Шайлоо бюллетендери, шайлоочулардын тизмеси жана башка шайлоо документтери, тиешелүү шайлоо комиссиясынын мөөрү сакталган атайын сейфи (шкаф) турган жай мөөр басылып бекитилет жана ички иштер органдарына кайтарууга тапшырылат.

**МААНИЛҮҮ!**
Шайлоо участкалары ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар шайлоо бюллетендерин өз алдынча толтуруусу үчүн атайын трафареттер, анын ичинде Брайль шрифти колдонулган бюллетендер менен жабдылат.

**МААНИЛҮҮ!**
Шайлоо бюллетендерин берүүнүн тууралыгы үчүн жоопту тийиштүү шайлоо комиссияларынын төрагалары тартат.

**АШК** шайлоо бюллетендери даярдалгандан саясий партиялардын тизмеси чыгып кеткен учурда, участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү шайлоо бюллетендериндеги тиешелүү талапкерлердин тизмеси жөнүндө маалыматтарды чийип салынгандыгын **милдеттүү түрдө контролдойт.** Чийип салуу саясий партия жөнүндө бардык маалыматтар жазылган саптар боюнча шариктүү сыя калем менен гана, түз сызык түрүндө жүргүзүлөт. Мында чийүү сызыгы саясий партия жөнүндө маалымат жазылган саптын каршысындагы жайгаштырылган бош чарчыны да камтышы керек.

**МААНИЛҮҮ!**

Басмакананын, шайлоо комиссияларынын орун жайларынан шайлоо бюллетендерин алып чыгууга, ошондой эле көчүрмөсүн алууга жана таратууга тыюу салынат, буга добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү учурлары кирбейт.

**АШК шайлоо бюллетендерин БШКдан алышат (добуш берүү күнүнө чейин 10 күн мурда).** ***Алардын сакталышын камсыз кылуу маанилүү!***

**Шайлоо бюллетендерин УШКга берүү добуш берүү күнүнө чейин 2 күн калганда берилет.**

## III. АШКнын ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮНДӨ ИШМЕРДИГИ

### 3.1. Ыкчам чара көрүүчү координациялык топтун (ЫКЧТ) аракеттери

Добуш берүү күнү ар кандай чыр-чатак же проблемалар чыгышы мүмкүн. Мында эгерде жол-жоболор жөнөкөй жана түшүнүктүү тил менен түшүндүрүлсө, алар шайлоочуларда күмөн жаратпарын эсте сактоо керек.

Эгерде жол-жоболор татаал жана түшүнүксүз болуп, байкоочулар добуш берүү процессине нормалдуу байкоо жүргүзсө албаса, эгерде комиссиялардын иши талаптагыдай уюштурулбаса, ал эми шайлоонун уюштуруучулары өздөрү жол-жоболорду жүргүзүүдө чаташса, анда бүткүл нааразычылык комиссияга багытталып, чыр-чатак кырдаалдын саны көбөйүшү мүмкүн. Буга жол берүүгө болбойт!

### БУЗУУЛАРГА ЧАРА КӨРҮҮ ЖАНА КӨРҮЛГӨН ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМДОО (ЫЧКТ)

**Ыкчам чара көрүүчү координациялык топтор (ЫЧКТ)**

"Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамынын 43-беренеси менен  шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо комиссияларынын бардык деңгээлдеринде ыкчам чара көрүүчү координациялык топтор түзүлөт, анын курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирет деп белгиленген.

Ыкчам чара көрүүчү координациялык топтун негизги функциялары төмөнкүлөр болуп саналат:

- шайлоо мыйзамдарын бузууга **ыкчам чара көрүү**
- көрүлүүчү чаралар жөнүндө **жарандарды маалымдоо**

*Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун ишинин тартиби Борбордук шайлоо комиссиясын жобосу менен жөнгө салынат (Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 4-февралындагы № 33 токтому менен бекитилген Ыкчам чара көрүүчү координациялык тобу жөнүндө жобо (ЫЧКТ)*

**МАКСАТТАРЫ:**

**ЫЧКТ** шайлоолорду даярдоодо жана өткөрүүдө **шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна ыкчам чара көрүү жана жарандарды көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө маалымдоо максатында** түзүлөт.

**ПРИНЦИПТЕРИ:**

ЫЧКТ өз ишин **мыйзамдуулук, ачык жана айкындуулук** принциптеринде жүзөгө ашырат.

КРда шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо комиссияларынын чечимдери менен Борбордук шайлоо комиссиясынын, аймактык шайлоо комиссияларынын деңгээлинде **Ыкчам чара көрүүнүн координациялык топтору** түзүлөт, алардын курамына тиешелүүлүгүнө жараша Борбордук шайлоо комиссиясынын, аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлери, прокуратура органдарынын, ички иштер органдарынын, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдарынын тиешелүү деңгээлдеги органдарынын (укук коргоо органдарынын) өкүлдөрү кирет.

Укук коргоо органдары Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Борбордук шайлоо комиссиясынын жана/же аймактык шайлоо комиссияларынын суроо-талабы боюнча ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобунун курамына киргизүү үчүн өз өкүлдөрүнүн маалыматтарын шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 5 календардык күнүнөн кечиктирбестен жөнөтүшөт.

**Мында топтордун курамына тиешелүү деңгээлдердеги (борбордук, облустук, райондук, шаардык) органдардын жетекчилери, ошондой эле жумушчу тартибинде өз ара аракеттенүү үчүн башка кызматкерлер да кирүүгө тийиш.**

**ЫЧКТ төмөнкүдөй милдеттерди жүзөгө ашырат:**

- шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча берилген билдирүүлөрдү жана маалыматтарды кабыл алуу жана алмашуу жаатында шайлоо комиссияларынын жана укук коргоо органдарынын биргелешкен аракеттенүүлөрүн жүзөгө ашырууну жана координациялоону;
- келип түшкөн билдирүүлөрдү, шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъектилеринин арыздарын жана даттанууларын, ЖМКлардын жана интернет-басылмаларынын шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча билдирүүлөрүн кабыл алууну, толуктап иштеп чыгууну жана ыкчам талдоону;
- ар бир сигнал, кайрылуу, арыз боюнча аракеттердин алгоритмин талкулоону жана иштеп чыгууну; зарыл чаралар жөнүндө ыкчам тапшырмаларды берүүнү укук коргоо органдары өз компетенциясынын чегинде);
- арыздарда, даттанууларда жана шайлоочулар менен шайлоо процессинин башка субъектилеринин кайрылууларында шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча баяндалган маалыматтардын (сигналдардын) жана фактылардын аныктыгын токтоосуз текшерүүнү, ыкчам чара көрүү үчүн тиешелүү чечим кабыл алууга тийиш болгон тиешелүү органдарга жөнөтүүнү;
- бузуулар жана көрүлгөн чаралар жөнүндө иштин абалы жөнүндө ар кандай формада жарандарга туруктуу маалымдоо;
- укук бузуулар жөнүндө маалыматты укук коргоо органдарынын жана шайлоо комиссияларынын каналдары боюнча турукту негизде жыйноо;
- коопсуздукту жана коомдук тартипти камсыздоо, ошондой эле жарандардын шайлоо укуктарын бузган же шайлоо комиссиясынын ишине жолтоо болгон аракеттерди, шайлоочуларды сатып алуу аракеттерин болтурбоо боюнча чаралар кабыл алынгандыгы жөнүндө келип түшкөн сигналдар боюнча сунуш берүү.

**БШК ЫЧКТ КАТЧЫЛЫГЫ:**

- кыска номери: 1255,
- электрондук дареги: kgor_cec@shailoo.gov.kg,
- ишеним телефону: 0312 62-62-46,
- WhatsApp номери: 0990021255.

Добуш берүү күнү АШКнын жыйналыштарына саясий партиялардын, КЭО жана ЖМКлардын өкүлдөрү катышууга укуктуу.

Шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо комиссиялары, Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети, прокуратура органдары, ички иштер органдары Конституциянын, КР шайлоо жана башка мыйзамдарынын талаптарынын так сакталышын камсыз кылат.

Добуш берүү күнү жана ага чейинки күн болуп ички иштер жана башка укук коргоо органдары, ошондой эле сот органдары үчүн жумуш күн эсептелет. Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фондунун атайын эсептерин тейлеген банктык жана башка мекемелер үчүн добуш берүү күнүнөн мурунку күн жумушчу күн болуп саналат.

**ЫЧКТнын АШКдагы негизги ыйгарым укуктары:**

- шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча шайлоочулардын, шайлоо процессинин башка субъекттеринин кайрылууларына, арыздарына (даттанууларына) чара көрүү предметине АШКнын укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенүүсүн координациялоо;
- шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча шайлоочулардын, шайлоо процессинин башка субъекттеринин кайрылууларын, арыздарын (даттанууларын) ыкчам талдоо, иштетүү жана топтоо;
- укук коргоо органдарынын ыкчам мүмкүнчүлүктөрү аркылуу шайлоочулардын, шайлоо процессинин башка субъекттеринин кайрылууларында, арыздарында (даттанууларында) баяндалган маалыматтардын (сигналдын) жана фактылардын аныктыгын, шайлоо мыйзамдарын бузуу фактыларын токтоосуз текшерүү, ыкча чара көрүү жана көрүлгөн чаралар жөнүндө өз убагында маалымдоо.

### 3.2.АШКнын шайлоочулардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын (даттанууларын) кароо боюнча Жумушчу тобу

Зарылчылык болсо тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясынын чечими менен шайлоочулардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын (даттанууларын) кароо боюнча жумушчу топту түзүү сунушталат. Жумушчу топтун курамына 3 адамдан кем эмес санда аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү (жетекчи, катчы, мүчөсү) кирет.

**Жумушчу топтун ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:**

- шайлоочулардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузуулар жөнүндө даттанууларда жана арыздарда камтылган фактыларды изилдөө жана алдын-ала талдоо;
- даттануу же арыз менен кайрылган адамдардын түшүндүрмөлөрүн же жүйөлөрүн угуу;
- арыз ээлери берген иш жүзүндөгү жагдайларды изилдөө жана берилген далилдерди талдоо;
- эксперттердин жана адистердин корутундуларын алуу үчүн даттануу же арыз менен байланышкан материалдарды жөнөтүү;
- келип түшкөн даттануулар жана арыздар боюнча тийиштүү чечим кабыл алуу үчүн алардын корутундуларын аймактык шайлоо комиссиясынын кросуна жөнөтүү;
- аймактык шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарын кирбеген арыздарды жана даттанууларды чечүү тартиби жөнүндө консультацияларды берүү.

Жумушчу топтун жыйналыштарында Жумушчу топтун мүчөлөрү болуп саналбаган аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү катышууга жана өз пикирлерин билдирүүгө укуктуу. Жумушчу топтун жыйналыштарына төмөн турган шайлоо комиссияларын мүчөлөрү, каралып жаткан маселе боюнча адистер жана эксперттер чакырылышы мүмкүн.

Жумушчу топ келип түшкөн даттануулар жана арыздар боюнча төмөнкү мөөнөттөрдө чечим кабыл алат:

- келип түшкөн күндөн тартып 3 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн мурунку күнү - токтоосуз.
- шайлоонун жүрүшүндө келип түшкөн арызда (даттанууда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер 5 күндүк мөөнөттөн кечиктирилбестен кабыл алынат.

Кол коюлган жана аймактык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн жазуу жүзүндө чечим токтоосуз арыз ээсине тапшырылат.

Ар бир келип түшкөн арыз (даттануу) жана алар боюнча чечим арыздардын (даттануулардын) реестрине киргизүү үчүн БШКга жөнөтүлөт, ал кийин Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына илинет.

**МААНИЛҮҮ!**

**Санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту сактоо жана жарандардын ден соолугун коргоо боюнча чаралар**

**Участкалык шайлоо комиссиялары жарандардын өмүрү жана ден соолугу үчүн коркунуч алып келүүчү вирустук инфекциянын таркап жаткан шартында шайлоолорду даярдоодо жана өткөрүүдө төмөндөгүл аракеттерди ишке ашырууга тийиш:**

- **добуш берердин алдында жана добуш берүү мезгилинде ар бир саатта добуш берүү үчүн жайларды дезинфекциялоону камсыздоону;**
- **добуш берүү үчүн жайларды дайыма желдетип турууну (улам аба алмашууну сактасын);**
- **добуш берүү үчүн жайга киреде колдорун дезинфекциялоо менен ар бир шайлоочунун жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин дене табын текшерүүнү камсыздоону;**
- **медициналык бет каптарды жана бир жолку кол каптарды берүүнү, шайлоо процессинин бардык катышуучуларынын добуш берүү үчүн жайда бет кап тагынуу режимин сактоосун көзөмөлдөөнү ишке ашырууну;**
- **шайлоо процессинин катышуучуларынын ортосунда 1,5 метрден кем эмес дистанцияны сактоого шарттарды түзүүнү жана аны уюштурууну;**
- **мезгил-мезгили менен жабдуулардын үстүнкү бетин дезинфекциялоочу каражаттар менен тазалап турууну.**

## IV. АШКнын ДОБУШ БЕРҮҮ АЯКТАГАНДАН КИЙИН ИШМЕРДИГИ

***(«КР Президентин шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 34-36-беренелери менен жөнгө салынат)***

Участкалык комиссиялар шайлоо участкаларында добуш берүүнүн жыйынтыгын аныктады жана протоколдорду жана калган документтерди АШКга жеткире баштады.

### 4.1. Участкалык шайлоо комиссиясынан аймактык шайлоо комиссиясына документтерди кабыл алуунун жол-жобосу

Добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө УШКнын протоколунун биринчи нускасы ага кол коюлган күндөн кийин шайлоо документтери менен чогуу, шайлоо бюллетендерин, шайлоочулардын тизмелерин, арыздарды (даттанууларды), алар боюнча кабыл алынган чечимдерди, участкалык шайлоо комиссиялар түзгөн актыларды, автоматтык эсептөөчү урналардын отчетторун, идентификациялоо боюнча жыйынтык отчетту кошуп, УШК төрагасы тарабынан саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, ЖМКнын жана байкоочулардын коштоосунда АШКга кечиктирилбестен жеткирилет.

**АШК УШКдан төмөнкү документтерди кабыл алат:**

| | |
|---|---|
| |  |
| | Шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө УШК протоколу |
| | Автоматтык эсептөөчү урнанын (АЭУ) мөөр менен күбөлөндүрүлгөн баштапкы жана жыйынтык отчеттору |
| | Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү күнүн идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтык отчеттор |
| | Добуш берүү күнү идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтык отчеттору |
| | **Акттар:**<br>• автоматтык эсептөөчү урна (АЭУ) боюнча добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктары жөнүндө;<br>• жараксыз бюллетендерди кайра эсептөө жөнүндө;<br>• бузулган бюллетендерди кайтаруу жөнүндө,<br>• керектен чыгарылган шайлоо бюллетендердин саны жөнүндө;<br>• жайдан тышкары добуш берүүнүн аякташы жөнүндө;<br>• жараксыз деп чечим чыгарылган учурда добуш берүү үчүн көчмө үкөктөрдө шайлоо бюллетендер жөнүндө;<br>• идентификациялоо жана АЭУ жабдуусунун бузулушу жөнүндө эки нускада<br>• УШК добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун 1 нускасын шайлоо документтери менен берүү тууралуу;<br>• УШКнын шайлоочуларына берилген шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө;<br>• шайлоочулардын тизмесине ылайык берилген шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө;<br>• АШКдан алынган шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө. |

<table>
<tr><td></td><td>Реестрлер:<br>•	жайдан тышкары добуш берүү жөнүндө арыздар;<br>•	шайлоочунун укуктарын бузуулар;<br>•	арыздар жана даттануулар;<br>•	байкоочулардын катышуусу жөнүндө;<br>•	протоколдордун көчүрмөлөрүн берүү жөнүндө;<br>•	идентификациядан өтпөгөн шайлоочулар;<br>•	1-форма боюнча шайлоочулардын арыздары;<br>•	2-форма боюнча шайлоочулардын арыздары.</td></tr>
<tr><td></td><td>УШКнын жыйынтыктоочу жыйналышынын протоколу.</td></tr>
<tr><td></td><td>Арыздар (даттануулар), алар боюнча кабыл алынган чечимдер, акттар.</td></tr>
<tr><td colspan="2" align="center">КУТУ (КАП)</td></tr>
<tr><td colspan="2">Ар бир саясий партия боюнча жана “баарына каршы” позициясы боюнча иргелген шайлоо бюллетендери, ошондой эле УШК өзүнүн чечими менен жараксыз деп тапкан, өзүнчө кутуга таңгакталган шайлоо бюллетендери.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Керектен чыгарылган бюллетендер</td></tr>
<tr><td colspan="2">Шайлоочулардын тизмеси</td></tr>
<tr><td colspan="2">Шайлоочуларды идентификациялоо боюнча МККнын оператору берген чектер</td></tr>
</table>

**МААНИЛҮҮ! ЭСКЕ САКТАП КАЛЫҢЫЗДАР!**
Кутуда шайлоо участкасынын номери жана ичиндеги документтердин тизмеги көрсөтүлөт. Кутуга УШКнын мүчөлөрүнүн колу коюлуп, мөөр басылып жабылат. Пакет, куту жогору турган шайлоо комиссиясынын же соттун чечими боюнча гана ачылат, УШКдан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорду алган учурда АШК алардын толтуруунун тууралыгын контролдойт.

УШКнын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорунда төмөнкү маалыматтар көрсөтүлүүгө тийиш:

а) нусканын номери;

б) шайлоонун деңгээлинин берилиши;

в) «Протокол» сөзү;

г) шайлоо участогун көрсөтүү менен комиссиянын аталышы;

д) протоколдордун саптары:

- **1-сап:** саясий партиянын аталышы (чүчүкулак менен аныкталган тартипте), “Баарына каршы” берген жана саясий партия үчүн берген добуштардын саны;
- **2-сап:** Участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан алынган шайлоо бюллетендеринин саны;
- **3-сап:** Шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны;
- **4-сап:** Керектен чыгарылган шайлоо бюллетендеринин саны;
- **5-сап:** Шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны (5=5а+5б+5в);
- **5а-сап:** Добуш берүү үчүн жайда шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны;
- **5б-сап:** Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү үчүн шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны (жарактуу көчмө үкөктөр боюнча);
- **5в-сап:** Добуш берүү үчүн жайдан тышкары (жараксыз көчмө үкөктөр боюнча) добуш берүү үчүн шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны;

- **6-сап:** Жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынган бюллетендердин саны;
- **7-сап:** Жарактуу шайлоо бюллетендердин саны;
- **8-сап:** Жараксыз шайлоо бюллетендердин саны (жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынган бюллетендердин эсепке алынбайт, т.а. 6-сапты эсепке алуусуз).

### 4.2. Аймактык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөнүн тартиби

**Участкалык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө** протоколдорунун биринчи нускалары шайлоо документтери менен бирге аларга участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү кол койгондон кийин акт боюнча **аймактык шайлоо комиссиясына токтоосуз өткөрүп берилет.**

Тиешелүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу участкалык шайлоо комиссияларынан түздөн-түз келип түшкөн протоколдордун негизинде аларда камтылган маалыматтарды кошуу жолу менен **аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.** Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын протоколдорун кабыл алуу жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген тартипте жана мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдору туура түзүлгөндүгүн алдын ала текшергенден кийин **аймактык шайлоо комиссиясы** бардык участкалык шайлоо комиссияларынын маалыматтарын кошуу жолу менен тиешелүү аймакта **добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарат.** Добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча **аймактык шайлоо комиссиясы жыйынды таблицаны жана протоколду түзөт**, ага участкалык шайлоо комиссияларынын саны, келип түшкөн протоколдордун саны жазылат, алардын негизинде добуш берүүнүн жыйынтыктары, ошондой эле участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун суммалык маалыматтары жөнүндө протокол түзүлөт.

Тиешелүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюунун алдында аймактык шайлоо комиссиясы милдеттүү түрдө жыйынтыктоочу жыйналышты өткөрөт, анда комиссияга келип түшкөн добуш берүүнү жүргүзүү, добуштарды эсептөө жана төмөн турган шайлоо комиссияларынын протоколдорун түзүү менен байланышкан даттануулар (арыздар) каралат.

**Аймактык шайлоо комиссиясы ар бир даттануу (арыз) боюнча чечим кабыл алат**, андан кийин аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана келип түшкөн даттануулар (арыздар) боюнча шайлоо комиссиясы кабыл алган чечимге макул болгон арыз ээлери шайлоо комиссиясынын **жыйынтыктоочу жыйналышынын протоколуна кол коет.** Шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу жыйналышынын протоколуна кол коюу учурунда протоколдун мазмунуна макул болбогон шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү ага өзүнүн өзгөчө пикирин тиркөөгө укуктуу, бул жөнүндө протоколго тиешелүү жазуу жазылат. Андан кийин **аймактык шайлоо комиссиясынын** мүчөлөрү тиешелүү аймактагы шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коет.

Протоколго тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө **эки нускада түзүлүүчү жыйынтыктоочу таблица**, шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн өзгөчө пикири, ошондой эле келип түшкөн даттануулар (арыздар) жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер тиркелет.

**Аймактык шайлоо комиссиясы** протоколдун биринчи нускасына кол коюлгандан кийин жыйынтыктоочу таблицанын биринчи нускасы менен бирге аны **Борбордук шайлоо комиссиясына токтоосуз жөнөтүлөт.**

**Протоколдун экинчи нускасы** бардык шайлоо документтери менен бирге кайтарылуучу жайда алар архивге берилгенге чейин аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы тарабынан сакталат.

Шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө протоколдун чоңойтулган формасы жалпы элдин таанышуусу үчүн аймактык шайлоо комиссиясы белгилеген жерге илинип коюлат жана шайлоо комиссиясынын иши аяктаганга чейин сакталат.

### 4.3. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду толтуруунун тууралыгын жана толуктугун текшерүүнүн параметрлери

- Саптардын так жана толук толтурулушу, оңдоолордун жоктугу, колтамганын, мөөрдүн болушу ж.б.
- Цифралар бул максаттар үчүн арналган чакмактарга киргизилет. Эгерде цифралардын саны төрттөн аз болсо, катардын башталышында жайгашкан бош чакмактарга нөл коюлат.
- Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду калемсат менен толтурууга жол берилбейт.
- Толтурулбаган же толугу менен толтурулбаган протоколго кол коюуга жол берилбейт.

**АШКнын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколуна АШКнын бардык мүчөлөрү кол коет. Эгерде АШК мүчөсү жок болсо, «кол тамгасы» деген графада жок болгондугуну себеби көрсөтүлөт. «Өзгөчө пикири» бар болсо, протоколдун тийиштүү сабында комиссиянын мүчөсүнүн фамилиясынын тушунда «Өзгөчө пикир» деген жазуу жана комиссиянын ошол мүчөсүнүн кол тамгасы коюлат.**

## V. ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮНӨН КИЙИН АШКнын ИШМЕРДИГИ

### 5.1. Протоколдордун көчүрмөлөрүн берүү жол-жобосу

**Аймактык шайлоо комиссиясы** шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыктарын төмөнкү учурларда **жараксыз** деп эсептейт:

1) эгерде добуш берүүнү жүргүзүү, добуштарды эсептөө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу убагында шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жыйынтыктарын ишенимдүү аныктоого мүмкүндүк бербесе;

2) эгерде добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды эсептөө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө убагында эреже бузуулар шайлоочулардын эрк-ниетин билдирүүсүнө таасир этсе;

3) Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча;

4) соттун чечими боюнча;

5) эгерде добуш берүү үчүн үкөктөрдөгү шайлоо бюллетендер жараксыз деп табылса.

Шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыктары **анык эмес** деп табылган учурда шайлоонун натыйжалары калган шайлоо участкаларында добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча аныкталат. Бир же бир нече шайлоо участкаларында добуш берүүнүн жыйынтыктары анык эмес деп табылган учурда жана ал шайлоонун натыйжаларына таасирин тийгизсе, бул шайлоо участкаларында тиешелүү шайлоо комиссиясы кайра добуш берүү дайындаган күндөн тартып **2 жумалык мөөнөттө** кайра добуш берүү өткөрүлөт.

**Добуш берүүсүнүн жыйынтыктарын ишенимдүү белгилөөгө мүмкүндүк бербеген бузуулар деп** саясий партиянын ар бир тизмеси алган добуштардын санын ишенимдүү аныктоого мүмкүндүк бербеген шайлоо участкасында добуш берүүнүн, добуштарды эсептөөнүн, добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду түзүүнүн тартибин бузуу **түшүнүлөт.**

---

**МААНИЛҮҮ!**
Шайлоо участкасында добуш берүүнүн, добуштарды эсептөөнүн же добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөнүн жүрүшүндө шайлоочулар өз эрк-ниетин билдиришине таасир эткен, добуш берүү күнү үгүт жүргүзүү, жарандар шайлоо укуктарын жүзөгө ашырышына тоскоолдук кылуу, добуш берүүдө байкоо жүргүзүүгө тоскоолдук кылуу, башка шайлоочулар үчүн добуш берүү, шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүү, шайлоочуларды сатып алуу менен байланышкан бузуулар **шайлоочулардын эрк-ниетине таасир этүүчү бузуулар деп түшүнүлөт.**

---

Протоколдордун көчүрмөлөрүн берүү жол-жобосу **төмөнкү тартипте жүргүзүлөт:**

АШКнын катчысы:

- АШК протоколго кол койгондон кийин протоколдун көчүрмөсүн чыгарат;
- протоколдун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүндө «Анык» деген жазууну коет;
- ал жазуунун алдына кол коет жана милдеттүү түрдө күбөлөндүргөн датаны жана убакытты (саатын жана мүнөтүн) көрсөтөт жана АШКнын мөөрүн басат;
- протоколдун көчүрмөсүн бергендигинин фактысын тийиштүү реестрде белгилейт.

Протоколдун нускасын же анын көчүрмөсүн алган адам көрсөтүлгөн реестрге кол коет.

### 5.2. Шайлоонун жыйынтыктарын тастыктоо үчүн БШКга шайлоо документтерин берүү

АШКнын протоколунун биринчи нускасы кол коюлгандан кийин токтоосуз жыйынды таблицанын биринчи нускасы менен чогуу БШКга жөнөтүлөт.

Ага төмөнкүлөр тиркелет:

- шайлоо бюллетендерин АШК алгандыгы жөнүндө акт ;
- шайлоо бюллетендери УШКга берилгендиги жөнүндө акты;
- АШКга келип түшкөн шайлоо мыйзамдарын бузууларга даттануулар, арыздар бул даттануулардын, арыздардын тизмесин жана алар боюнча кабыл алынган чечимдерди тиркөө менен;
- байкоочулардын, саясий партиялардын өкүлдөрүн, добуш берүүнү өткөрүүдө, шайлоочулардын добуштарын саноодо жана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду түзүүдө катышкандарды каттоо реестри;
- БШКдан алынган белгисиз (туура эмес) үлгүдөгү бюллетендер жөнүндө акт.

**АШК төмөнкүлөргө укугу жок:**

| |
|---|
| ***Протоколго жана (же)жыйынды таблицага аларда так эместиктер аныкталган учурда тактоолорду киргизүү тууралуу маселени кароодон баш тартууга.*** |
| ***Добуш берүүнүн жыйынтыктоочу жөнүндө протоколдун жана жыйынтыктоочу таблицанын көчүрмөлөрүн берүүгө.*** |
| ***Шайлоо документтери менен иштөөдө, ошондой эле шайлоочулардын добуштарын эсептөөдө саясий партиялардын, ЖМКлардын өкүлдөрүн жана байкоочуларды шайлоо комиссиясынын жыйналышына киргизүүдөн баш тартууга.*** |

Добуштарды саноодо катышкан ар бир адамга АШКнын катчысы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин токтосуз мөөр менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү.

## VI. АШКнын ИШМЕРДИГИН ФИНАНСЫЛЫК ЖАКТАН КАМСЫЗ КЫЛУУ

***(«КР шайлоо комиссиялары жөнүндө" КР Мыйзамынын 25-беренеси, Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясына, шайлоо комиссияларына, референдум комиссияларына республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча финансылоо, эсеп жүргүзүү жана отчеттуулук тартиби жөнүндө жобо менен жөнгө салынат)***

Шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча чыгымдар республикалык бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

Шайлоо комиссиялары шайлоону, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө акча каражаттарын Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен чыгымдар сметасына ылайык бөлүнгөн каражаттардын чектеринде чыгымдашат.

Шайлоону, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө шайлоо комиссияларына республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарынын максаттуу пайдаланылышын контролдоо үчүн КР БШКнын алдындагы контролдоо-текшерүү тобу түзүлөт. Контролдоо-текшерүү тобун уюштуруунун жана ишинин тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

*Шайлоо комиссияларынын ишмердигин финансылык жактан камсыздоо*

Шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү боюнча шайлоо комиссияларынын ишин, шайлоо системасын өнүктүрүү менен байланышкан мамлекеттик программалардын иш-чараларын, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлерин, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн, резервди, шайлоо процессинин башка катышуучуларын окутууну финансылык камсыздоо республикалык бюджеттен бөлүнүүчү каражаттардын эсебинен жана мыйзам менен тыюу салынбаган башка каржы булактарынын эсебинен жүргүзүлөт.

Чет өлкөлөрдүн аймагында болгон шайлоо участкаларында добуш берүүнү уюштуруу менен байланышкан чыгымдарды финансылык жактан камсыздоо республикалык бюджеттин жана шайлоо комиссияларынын атайын фонддорунун каражаттарынын эсебинен БШК бекиткен чыгымдардын сметасынын чектеринде жүргүзүлөт.

Шайлоону, референдумду чет өлкөлөрдүн, чет өлкөлүк мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана ишканалардын, башка чет өлкөлүк юридикалык жактардын, алардын филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн, чет өлкөлүк жарандардын, КРда катталган эл аралык уюмдардын, катышуучулары чет өлкөлүк юридикалык жактар жана жарандар болуп саналган юридикалык жактарга каржылого тыюу салынат.

Казыналык жол-жоболорду колдонуунун негизинде аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын бюджетин кассалык аткаруу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы тарабынан анын аймактык бөлүмдөрү аркылуу жүзөгө ашырылат.

Борбордук шайлоо комиссиясы Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын ишин жана төмөн турган шайлоо комиссияларынын ишин, анын ичинде шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде камсыз кылуу үчүн товарларды, жумуштарды, **кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекттик сатып алууларды борбордоштурулуп жүргүзөт.** ***(Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясына, шайлоо комиссияларына, референдум комиссияларына республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча финансылоо, эсеп жүргүзүү жана отчеттуулук тартиби жөнүндө жобонун 4.1-пунктун караңыз)***, буга мөөнөтүнөн мурда шайлоону жана референдумдарды өткөрүү кирбейт.

Шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү боюнча шайлоо комиссияларынын тескөөсүнө келип түшкөн акча каражаттары, ушул мезгилде алардын ишин камсыз кылуу юридикалык жактар үчүн белгиленген тартипте таризделген эсептешүү-акча документтери боюнча чыгымдалат. Бөлүнгөн акча каражаттары БШК бекиткен чыгымдардын сметасына ылайык так чыгымдалат.

Жогору турган шайлоо комиссиясы төмөн турган шайлоо комиссияларынын чыгымдарын борбордоштурулган тартипте төлөй алат.

Шайлоо комиссиялары кассалык чыгымдарды "Бюджеттик каражаттарды алуучу" төлөм картасын пайдалануу менен кассалык чыгымдарга билдирмелердин белгиленген тартибинде берилген негизде аларды берүүнүн кезектүүлүк тартибинде жана ЕКСка тийиштүү бюджеттин каражаттарынын иш жүзүндөгү калдыгынын чектеринде жүргүзөт.

Шайлоону жана референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо комиссияларына бөлүнүп берилген, бирок чыгымдалбаган бюджеттик каражаттар акча каражаттарын иш жүзүндөгү чыгымдоолор жөнүндө финансылык отчет бергенден кийин республикалык бюджетке кайтарылат.

Шайлоо комиссияларынын төрагалары акча каражаттарын тескейт жана финансылык документтердин шайлоо комиссияларынын финансылык маселелер боюнча чечимдерине ылайык келүүсү жана "КР шайлоо комиссиялары жөнүндө" КР Мыйзамы менен белгиленген мөөнөттөрдө жана тартипте финансылык отчетторду берүүсү үчүн жоопкерчилик тартат.

**Аймактык шайлоо комиссияларындагы эсепке алуу жана отчеттуулук**

**АШК** Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясынын өзүнчө беренелери боюнча чыгымдардын бухгалтердик эсебин жана отчеттуулукту жүргүзөт, ошондой эле мамлекеттик сектордо бухгалтердик эсепке алууну жөнгө салган ченемдик-укуктук актыларга ылайык чыгымдар сметасы боюнча бекитилген сарптоолордун түрлөрү боюнча шайлоо комиссияларынын чыгымдарынын эсебин жүргүзөт.

**АШК төрагасы** каржы маселелери боюнча иштерди аткарууга, ошондой эле финансылык отчетторун даярдоо жана БШКга өткөрүү үчүн шайлоону жана референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде ишке тартылган адисти (бухгалтерди/терлер) ишке тартат.

АШК ишке тартылган адисти (бухгалтер/терлер) тартуу менен толук жеке материалдык жоопкерчилик жөнүндө УШКнын бардык төрагалары менен келишимдерди түзөт.

КР Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын аймактык бөлүмдөрү бюджетти кассалык аткаруу үчүн аймактык шайлоо комиссияларына республикалык бюджеттин чыгымдары боюнча убактылуу казыналык эсептерди ачат. Бул эсептерди ачуу үчүн аймактык шайлоо комиссиясы комиссиянын төргасынын, комиссиянын бухгалтеринин колтамгаларынын үлгүсүнүн жана мөөрдүн оттискинин БШК же нотариалдык контора тарабынан күбөлөндүрүлгөн карточкасын, ошондой эле БШК бекиткен шайлоону жана референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде "Шайлоону жана референдумду даярдоого жана өткөрүүгө чыгымдардын сметасын" берет.

Убактылуу казыналык эсептер шайлоо, референдум аякташы менен БШКнын же АШКнын арызы боюнча шайлоо аяктары менен жабылат.

Сарптоолор КР Финансы министрлигинин аймактык бөлүмдөрүнө берилген билдирменин негизинде жүргүзүлөт, ал эки нускада, оңдоосуз толтурулат, ага негизги чыгымдоо документи – төлөм тапшырмасы тиркелет. Чыгымдоо документтерине коштолуучу (анын ичинде сыйакы берүүгө төлөм ведомосту, банктык карта-эсептердин реквизиттерин көрсөтүү менен адамдардын тизмеси чыгымдарды жүргүзүү үчүн негиз болуп саналат жана контролдоо-текшерүү тобунун деталдуу текшерүүсүн жүргүзүү үчүн аймактык шайлоо комиссиясында сакталат.

**АШК** шайлоону жана референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде **өзүнүн ишин жана отчеттуулуктагы участкалык шайлоо комиссияларынын ишин камсыз кылуу максатында** убактылуу казыналык эсептерге келип түшкөн акча каражаттарынан төмөнкү төлөмдөрдү жүргүзөт:

1) шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн эмгегине жана сый акыларды төлөөгө, бухгалтерлердин эмгегине төлөөгө, жарандык-укуктук келишимдер боюнча шайлоо комиссияларынын ишине тартылган жарандарга төлөөгө;

2) шайлоо (референдум) өткөрүү күнү, анын алдындагы күнү шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө КР мыйзамдарында белгиленген көлөмдө суткалык төлөмдөрдү төлөөгө;

3) шайлоо (референдум) өткөрүү күнү, анын алдындагы күнү шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө, ишке тартылган жарандарга бир адамга суткалык чыгымдар көлөмүндө күнүнө тамактанууну уюштурууга;

4) шайлоону жана референдумду даярдоо жана өткөрүү, ошондой эле шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктарын жана ишин камсыз кылуу менен байланышкан башка зарыл чыгымдарга.

**Төлөмдөр шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, тартылган жарандардын банктык төлөм карталарына накталай эмес формада жүргүзүлөт, өзгөчө учурларда тездикти эске алуу менен банк мекемелерине жана банкоматтарга чектелген жеткиликтүүлүктү эске алуу менен акчалай формада жүргүзүлөт.**

**АШК** комиссиялардын мүчөлөрүнө, ишке тартылган жарандарга сый акылар боюнча эсептөө китебине, башкы китепке, отчеттуулуктагы адамдардын китебине, казыналык китепке жана КР мыйзамдарына ылайык республикалык бюджеттен акча каражаттарын эсепке алуу боюнча кассалык китепке жазуулардын негизинде республикалык бюджеттен чыгымдардын сметасын аткаруу жөнүндө бухгалтердик эсебин жана отчеттуулукту жүргүзөт.

**АШКнын отчету** талаптагыдай таризделген чыгымдардын негизинде жана бардык тастыктоочу баштапкы документтерди (төлөм ведомосттору, аванс отчеттору, эсептешүү кассалык ордери ж.б.) жана коштоочу документтерди (толук материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишим, таратуу ведомосттор, товардык-материалдык баалуулуктарды жокко чыгаруу актылары ж.б.) тиркөө менен түзүлөт.

АШКда болгон бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыгы республикалык бюджетке кайтарылууга жатат.

**АШКнын бухгалтери** УШКнын төрагасы менен түзүлгөн толук материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишимдин негизинде чыгымдар сметасына ылайык участкалык шайлоо комиссиясына акча каржаттарын төлөөнү жүргүзөт.

Участкалык шайлоо комиссиясынын кызматкерлерине сый акы суммасынан камсыздандыруу төлөмдөрүн, киреше салыгын кармоо аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

**АШК** камсыздандыруу төлөмдөрүн, киреше салыгын республикалык бюджетке төлөйт жана юридикалык жактар үчүн КР мыйзамдарында каралган тартипте жана мөөнөттөрдө салыктык жана башка мамлекеттик отчетторду берет.

**АШК** участкалык шайлоо комиссияларынын отчетторун участкалык шайлоо комиссияларынын төрагаларынан кабыл алат.

шайлоону, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бөлүнгөн акча каражаттары боюнча участкалык шайлоо комиссияларынын төрагасынын финансылык отчеттору арифметикалык жактан, ошондой эле документтерди тариздөөнүн тууралыгы жана максаттуу пайдаланылышы боюнча каражаттардын чыгымдалышы текшерилет. Финансылык отчетторго милдеттүү түрдө акча каражаттарынын

пайдаланылышын тастыктаган баштапкы документтер тиркелүүгө тийиш.

УШКнын текшерилген финансылык отчетторуна АШКнын бухгалтери жана төрагасы датасын көрсөтүү менен "текшерилди" деген белги коюу менен кол коет.

**АШК бухгалтери**, участкалык шайлоо комиссияларынын чыгымдарын кошуп, "Шайлоону, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларына бөлүнгөн акча каражаттарынын иш жүзүндөгү чыгымдары жөнүндө" жыйынды финансылык отчетту эки нускада түзөт (бир нускасы – БШКга өткөрүлөт, экинчи нускасы – АШКда калат), тийиштүү райондук бөлүмдүн мамлекеттик салык кызматы жана социалдык фондунун башкармалыгы менен салыштырып текшерүү актысын түзөт (түп нускасы Борбордук шайлоо комиссиясына берилет, көчүрмөсү – аймактык шайлоо комиссиясында калат). Жыйынды финансылык отчетко төрага, бухгалтер кол коюп, мөөр менен күбөлөндүрүлүшү керек.

Жыйынтыктоочу отчетко колтамгалар коюлуп жана АШКнын жана казыналыктын тийиштүү аймактык бөлүмүнүн мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн "Мекемелердин чыгымдар сметасын аткаруусу жөнүндө отчет" (бул да эки нускада даярдалат) милдеттүү түрдө тиркелет.

**АШК добуш берүү күнүнөн кийин жыйырма календарлык күндөн кечиктирбестен** БШКга төмөнкү финансылык отчетторду берет:

1) Республикалык бюджеттин каражаттарынын келип түшүшү жана чыгымдалышы жөнүндө жыйынтыктоочу отчет (шайлоону, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларына бөлүнгөн акча каражаттарынын иш жүзүндөгү чыгымдары жөнүндө" жыйынтыктоочу финансылык отчету (2-тиркеме) (1 нускада);

2). "Мекемелердин чыгымдар сметасын аткаруусу жөнүндө отчет" (5-тиркеме. №2 форма (1 нускада),

3). Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы жана Социалдык фонду менен салыштырып текшерүү актылары (түп нускалары);

Аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын финансылык отчеттору жана аларды актоочу бардык баштапкы документтери, АШКнын жана УШКнын келишимдери финансылык текшерүүгө чейин АШКлардын төрагаларында сакталат. Текшерүүдөн кийин архивге сактоого өткөрүлөт.

Аймактык шайлоо комиссиясы өзүнүн ыйгарым укуктарын аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн КР мыйзамдарында каралган жоопкерчиликти тартат.

***Участкалык шайлоо комиссияларында эсепке алуу жана отчеттулук***

**УШКнын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө өздүк каражаттары жок жана акча каражаттарын чыгымдар сметасына ылайык АШКдан алат.**

Участкалык шайлоо комиссияларынын тескөөсүнө бөлүнгөн акча каражаттары баштапкы тастыктоочу документтердин негизинде чыгымдалат.

Комиссиялардын мүчөлөрүнө, ишке тартылган жарандарга сыйакы төлөөгө бөлүнгөн акча каражаттары аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан УШКнын мүчөлөрүнүн, ишке тартылган жарандардын банктык төлөм-карталарына участкалык шайлоо комиссиялары берген алуучулардын банктык карта-эсептерин көрсөтүү менен адамдардын тизмесине ылайык которулат.

Өзгөчө учурларда аймактык шайлоо комиссиялары менен макулдашуу боюнча акча каражаттары комиссиялардын мүчөлөрүнө сый акыларды төлөө, ишке тартылган жарандарга жана башка чыгымдарга накталай түрүндө төлөө үчүн төлөм ведомосту/ чыгымдардын кассалык ордеринин негизинде берилет. Төлөм ведомостунун аягында УШКнын төрагасы жазуу жазышы керек: «Төлөм жүргүзүлдү: кызмат орду, колтамгасы, колтамгасын толук

жазуу (Ф.А.А.)» Алынган акча каражаттары үчүн чыгымдарды тастыктоо катары бардык баштапкы документтерди тиркөө менен аванс отчету таризделет.

**УШК** аванстык отчеттору боюнча бухгалтердик эсепке алууну жүргүзөт жана анын негизинде шайлоону, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө аларга бөлүнгөн акча каражаттарынын түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчетту чыгымдардын бекитилген сметасына ылайык чыгымдар сметалары боюнча түзөт.

**УШК** негизги каражаттарды (жабдууларды ж.б.) АШКдан накладной боюнча алат, товардык-материалдык баалуулуктарды берүү ведомосту боюнча шайлоону, референдумду уюштурууга жана өткөрүүгө товардык-материалдык баалуулуктарды алат.

**УШК** төрагасы жана катчысы аймактык шайлоо комиссиясынан алынган товардык-материалдык баалуулуктарды эсептен чыгаруунун актысын түзөт жана кол коет жана финансылык отчет менен чогуу аймактык шайлоо комиссиясына өткөрүп берет.

**УШК** төрагасы шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилине бөлүнгөн акча каражаттарынын, товардык-материалдык баалуулуктардын жана тастыктоочу баштапкы документтердин сакталышын камсыз кылат.

**УШК** төрагасы аймактык шайлоо комиссиясынын алдында төмөнкү финансылык документтер үчүн отчет берет:

- *участкалык шайлоо комиссияларынын бардык чыгымдарын накталай эмес формада жүргүзүүдө бекитилген чыгымдардын сметасынын беренелери боюнча чыгымдарды тастыктаган бухгалтердик эсеп жаатында КР колдонуудагы мыйзамдарына ылайык таризделгн бардык баштапкы документтер аймактык шайлоо комиссиясына берилет;*
- *алынган накталай акча каражаттары боюнча бекитилген чыгымдардын сметасынын беренелери боюнча чыгымдарды тастыктаган бухгалтердик эсеп жаатында КР колдонуудагы мыйзамдарына ылайык таризделген аванстык отчетторду жана бардык актоочу баштапкы документтерди тиркөө менен финансылык отчет түзүлөт жана кол колтамгасы коюлат;*
- *алынган товардык-материалдык баалуулуктар боюнча бекитилген чыгымдардын сметасынын беренелери боюнча чыгымдарды тастыктаган бухгалтердик эсеп жаатында КР колдонуудагы мыйзамдарына ылайык товардык-материалдык баалуулуктарды эсептен чыгаруу актысы түзүлөт жана кол колтамгасы коюлат.*

**УШК республикалык бюджеттен каражаттардын келип түшүшү жана чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчетту жана баштапкы документтерди АШКга добуш *берүү күнүнөн кийин жети календардык күндөн кечиктирбестен берет.***

**УШК** өзүнүн ыйгарым укуктарын аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн КР мыйзамдарында каралган жоопкерчиликти тартат.

## VII. ШАЙЛОО ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРЫ. ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫН БУЗУУЛАР ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК.

***(Шайлоо комиссиялар тарабынан бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартиби жөнүндө жобо, БШКТ жөнүндө жобо менен жөнгө салынат)***


**Шайлоо талаштары** – булар шайлоону дайындоо, даярдоо, өткөрүү жана алардын натыйжаларын белгилөө учурунда шайлоо мыйзамдарын колдонуу боюнча келип чыккан талаштар.

**Шайлоо талаштарынын себептери:**

- Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузуу;
- Мамлекеттик бийлик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле алардын кызмат адамдары тарабынан шайлоо мыйзамынын талаптарын сактабоо;
- Саясий партиялар жана алардын өкүлдөрү тарабынан шайлоо мыйзамдарынын талаптарын бузуу;
- ЖМКлар жана алардын өкүлдөрү ж.б. тарабынан шайлоо мыйзамдарын бузуу.

**Шайлоо талаштарды кароонун тартиби:**

- Шайлоо комиссиялары;
- Ички иштер органдары;
- Прокуратура органдары;
- Соттор.




**Конституциялык-укуктук (шайлоо) жоопкерчилик**

Конституциялык-укуктук (шайлоо) жоопкерчилик конституциялык-укуктук жоопкерчиликтин түрү болуп саналат жана шайлоо мыйзамдарынын талаптарын бузган учурларда келип чыгат.

Конституциялык-укуктук жоопкерчилик участкалык, аймактык жана Борбордук шайлоо комиссиялары тарабынан каралат.



**КРнын мыйзамдарына ылайык төмөнкү адамдар жоопкерчилик тартат:**

(1) Кыргыз Республикасынын жараны тарабынан шайлоо жана шайлануу укугун эркин жүзөгө ашырышына күч колдонуу, алдоо, коркутуу, будамайлоо же башкача жол менен **тоскоолдук кылган**, же болбосо добуш берүүнүн жашырындуулугун **бузган;**

- жарандардын шайлоочулардын тизмеси менен таанышуу укугун бузган;
- саясий партияны колдоп кол коюуга жарандарды мажбурлаган же аларга тоскоолдук кылган, ошондой эле жасалма кол коюуга катышкан;
- шайлоочулардын добушун сатып алууну жүзөгө ашырган;

(2) шайлануу максатында өзүнүн кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын пайдаланган же болбосо катталган шайлоочулар (шайлоочулардын тизмелери) жөнүндө маалыматтарды тиешелүү шайлоо комиссияларына жөнөтөөр алдында көрсөтүлгөн маалыматтарды өз учурунда тактабаган;

- шайлоону каржылоо эрежелерин бузган, анын ичинде шайлоо комиссияларына каражаттарды которууну создуктурган;
- жарандарга башка адамдар үчүн добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берүү максатында шайлоо бюллетендерин берген;
- шайлоо документтерин оңдоону жүзөгө ашырган, билип туруп жалган документтерди түзгөн жана берген;
- билип туруп добуштарды туура эмес эсептөөнү же добуш берүүнүн жыйынтыгын, шайлоонун натыйжасын билип туруп туура эмес чыгарган, шайлоонун натыйжасын туура эмес белгилөөнү жүзөгө ашырган, аларга жүктөлгөн милдеттерге карабастан добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө, шайлоонун натыйжалары жөнүндө маалыматтарды бербеген же жарыялабаган;

(3) саясий партиялар жөнүндө жазган маалыматтарды билип туруп тараткан, же талапкердин, алардын жубайларынын жана (же) жакын туугандарынын, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирген башка аракеттерди жасаган;

- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, байкоочулардын, эл аралык байкоочулардын, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн укуктарын, анын ичинде маалыматтарды жана шайлоо документтеринин көчүрмөлөрүн өз учурунда алуу укугун бузган;
- байкоочуларды, эл аралык байкоочуларды, саясий партияларды, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн каттоодон негизсиз **баш тарткан;**
- шайлоо участкаларында шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылган;
- шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү эрежелерин бузган, анын ичинде добуш берүү күнүнөн мурунку күнү жана добуш берүү күнү үгүт жүргүзгөн;
- шайлоо комиссиялары тарабынан өз милдеттерин аткарышына байланышкан алардын ишине **тоскоолдук кылган** же ага мыйзамга **каршы кийлигишкен;**
- добуш берүү үчүн жайдан шайлоо бюллетендерин алып чыккан;
- шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө отчетторду бербеген же жарыялабаган, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун финансылык отчетторун жана шайлоону өткөрүүгө бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчетторду **бербегендер же жарыялабагандар;**

- шайлоого катышуу үчүн мыйзам менен каралган өргүү берүүдөн **баш тарткан иш берүүчүлөр.**

**Шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган жаза чараларды салуунун негиздери жана тартиби**

Шайлоо процессинин субъектисине анын шайлоо укуктарынын бузулгандыгы, чечимдер кабыл алынгандыгы, аракеттер жасалгандыгы/аракетсиздиги жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып арыздар (даттануулар) токтоосуз, бирок 3 календарлык күндөн кечиктирбестен берилет жана келип түшкөн учурдан тартып 3 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн мурунку күнү берилсе – токтоосуз каралууга тийиш.

Арыздарды (даттанууларды) кароодо, ошондой эле шайлоо укуктарын, шайлоо мыйзамдарын бузуу жөнүндө маселе каралган башка учурларда кызыкдар тараптар, жактар же алардын өкүлдөрү аларды кароо күнү, убактысы жана орду жөнүндө маалымдар болушат. Көрсөтүлгөн адамдар түшүндүрмө берүүгө жана каралуучу маселенин маңызы боюнча далилдерди берүүгө укуктуу.

Келип түшкөн арыздар (даттануулар) шайлоо комиссиялары же соттор тарабынан даттануу келип түшкөн учурдан тартып **3 күндүк мөөнөттө** каралууга тийиш. Арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылат, алар боюнча чечимдер **5 күндүк мөөнөттөн** кечиктирбестен кабыл алынат. Чечимди кабыл алган органдын колу коюлган жана мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн жазуу жүзүндөгү чечим токтоосуз арыз ээсине тапшырылат.

**Даттануу тартиби**

Жарандардын шайлоо укуктарын бузган шайлоо комиссиялардын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыздар менен төмөнкүлөр кайрыла алышат

- шайлоочулар,
- саясий партиялар,
- КЭУ, алардын өкүлдөрү,
- байкоочулар.

Арыздар (даттануулар) шайлоо процессинин субъектисине анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, чечимдер кабыл алынгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирилбестен берилет.

Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган участкалык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) аймактык шайлоо комиссиясына даттанылат.

*Кабыл алынган чечимге арыздар (даттануулар) чечим чыккан учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде берилет.*

Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган аймактык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиктери) биринчи инстанциядагы сотко (Бишкек шаардык Административдик сотуна) даттанылат.

Биринчи инстанциядагы соттун (Бишкек шаардын Административдик соту) чечими - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна даттанылат. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун чечими биротоло болуп саналат жана даттанылууга жатпайт.

**Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө кодексинде белгиленген жоопкерчилик**

Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин (мындан ары – Кодекс)

42–422, 43–48-беренелеринде каралган бузуулар жөнүндө иштер шайлоо комиссиялары тарабынан каралат.

Бузуулар жөнүндө иштер төмөнкүдөй учурларда каралат:

- жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан.

** Шайлоо комиссияларынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартиби жөнүндө жобо БШКнын 2020-жылдын 11-февралындагы № 41 токтому менен бекитилген.*

Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси менен бузуулардын төмөнкү түрлөрү каралган:

**42-берене.** Шайлоо процессинин катышуучуларынын укуктарын бузуу

Шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн, Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкердин, депутаттыкка же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкердин, талапкердин ишенимдүү адамынын, ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, байкоочунун, эл аралык байкоочунун укуктарын бузуу –

3-категориядагы айып пул салууга алып келет *(жеке адамдар үчүн – 5 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 17 000 сом).*

**$42^1$-берене.** Шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алынган чечимдерин жана талаптарын аткарбоо.

Жеке жана юридикалык жактардын шайлоо комиссиясына шайлоо мыйзамдарында каралган мөөнөттөрдө шайлоону даярдоо жана өткөрүү үчүн зарыл маалыматтарды же материалдарды бербөө, ага тете шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарынын чектеринде анын кабыл алынган чечимдерин жана талаптарын аткарбоо –

3-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**$42^2$-берене.** Шайлоочунун билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү

Шайлоочунун шайлоо дареги алмашкандыгы жөнүндө шайлоо комиссиясына билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү –

2- категориядагы айып пул салууга алып келет.

**$42^3$-берене.** Шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) акча каражаттарды жана материалдык баалуулуктарды алуусу

Шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) жеке өзү же ортомчу аркылуу сатып алуучунун же анын атынан иш алып баруучунун пайдасына анын активдүү шайлоо укугун сатуусу үчүн акча каражаттарын жана (же) материалдык баалуулуктарды алуусу –

1 - категориядагы айып пул салууга алып келет.

Эскертүү. Ушул беренде каралган аракетти жасаган адам шайлоону жана референдумду даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө акча каражаттарын жана (же) материалдык баалуулуктарды алгандыгы жөнүндө өз ыктыяры менен билдирсе жоопкерчиликтен бошотулат.

**43-берене.** Шайлоого катышуу үчүн өргүү берүүдөн баш тартуу

Депутаттыкка же башка шайлануучу кызматка талапкер болуп катталган талапкерге, талапкердин ишенимдүү адамына, же болбосо шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө мамлекеттик

бийлик органдарына же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө катышуу үчүн мыйзамда каралган өргүүнү берүүдөн администрациянын (иш берүүчүнүн) баш тартуусу -

1-категориядагы айып пул салууга алып келет *(жеке адамдар үчүн – 1 000 сом, юридикалык жактар үчүн – 5 000 сом).*

**44-берене.** Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузуу

1. Шайлоочу, байкоочу, талапкер же анын өкүлү, ишенимдүү адамы тарабынан шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарынын бузулушу, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет *(жеке адамдар үчүн – 7 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 23 000 сом)*

2. Жалпыга маалымдоо каражаты тарабынан жасалган ошол эле жосун, -

5-категориядагы айып пул салууга алып келет (28 000 сом).

**45-берене.** Талапкер жөнүндө билип туруп жалган маалымат таратуу

Депутаттыкка же башка шайлануучу кызмат ордуна талапкер жөнүндө талапкердин ар-намысын же кадыр-баркын жаманатты кылган маалыматтарды билип туруп таратуу, -

6-категориядагы айып пул салууга алып келет *(жеке адамдар үчүн – 12 500 сом , юридикалык жактар үчүн – 35 000 сом).*

**46-берене.** Талапкердин ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкер беделин жаманатты кылган маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын таратышы

Шайлоо дайындалгандан тартып шайлоонун натыйжалары расмий жарыялангaнга чейинки мезгил ичинде талапкердин, саясий партиянын ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкер беделин жаманатты кылган маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын таратышы, -

8-категориядагы айып пул салууга алып келет *(жеке адамдар үчүн – 17 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 55 000 сом).*

**47-берене.** Тоголок үгүт материалдарын таратуу

Мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде, же болбосо референдум мезгилинде алардын чыгарылышы үчүн жоопту уюмдар жана адамдар жөнүндө маалыматтар камтылбаган үгүттүк басма сөз материалдарын, же болбосо чет өлкөдө даярдалган материалдарды таратуу, -

6-категориядагы айып пул салууга алып келет *(жеке адамдар үчүн – 12 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 35 000 сом).*

**48-берене.** Үгүт материалдардын жок кылуу же бузуу

Имараттарда, курулмаларда же башка объекттерде илинген аудио-видео материалдарды, депутаттыкка же башка шайлануучу кызматка талапкердин портретин, анын өмүр таржымалы бар плакатты, же болбосо башка үгүт материалдарын билип туруп жок кылуу же болбосо бузуу, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет *(жеке адамдар үчүн – 7 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 23 000 сом).*

Эскертүү. Үгүт материалдары имараттын, курулманын же башка объекттин менчик ээсинин (ээсинин) макулдугу жок илинсе, ал ушул берене боюнча жоопкерчиликтен бошотулат.

Ыйгарым укуктуу кызмат адамы арыздар (даттануулар, билдирүүлөр, материалдар) келип түшкөн учурда бузууну карап чыгат жана Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 43-главасында белгиленген тартипте тиешелүү чечим кабыл алат.

Бузуу жасалган факт белгиленген учурда ыйгарым укуктуу кызмат адамы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен формада кагаз түрүндөгү протокол түзүлөт же электрондук колтамга менен күбөлөндүрүлгөн бузуу жөнүндө протоколдун электрондук формасы пайдаланылышы мүмкүн.

Эгерде жак бузууларды жасагандыгынын фактысын, ага карата жаза чарасын жана кошумча укуктук кесепеттердин колдонуларын талашып-тартышпаса, анда бузуу жасалган жерде токтом чыгарылат, ага протоколду түзгөн адам кол коет, мында көрсөтүлгөн токтом бузуучуга анын көчүрмөсү тапшырылган учурдан тартып күчүнө кирет.

Эгерде жак бузуулар фактысын же айып пул түрүндө жаза чарасын же ыйгарым укуктуу орган колдоно турган кошумча укуктук натыйжаларды талашып-тартышса, анда түзүлгөн протокол жаза чарасын берүү үчүн комиссиянын кароосуна жөнөтүлөт.

Комиссия бузуулар жөнүндө ишти Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 45-главасында белгиленген тартипте бузуулар жөнүндө иш келип түшкөн учурдан тартып 10 күндөн кеч эмес карап чыгып, төмөнкүдөй токтомдордун бирин чыгарат:

1) жаза чарасын колдонуу жөнүндө;

2) иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө.

3) туумду эсептөө жөнүндө.

**Кыргыз Республикасынын жоруктар жөнүндө кодексинде белгиленген жоопкерчилик**

Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинде төмөнкү жазыктык укук бузуулар каралган:

**87-берене.** Шайлоочунун башка адам үчүн добуш берүүсү

Референдумдун, Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же жергиликтүү кеңештердин депутаттарын, буга тете эле, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларын шайлоонун убагында референдумдун же шайлоонун натыйжаларына таасир тийгизүү максатында шайлоочунун башка адам үчүн добуш берүүсү, буга тете эле ошол эле максатта ушундай аракеттерге кошо катышуусу, -

II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет *(30 000 сомдон 60 000 сомго чейин).*

**87$^{1}$-берене**. Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу

Шайлоону жана референдумду даярдоонун, өткөрүүнүн жүрүшүндө, добуш берүү күнү талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоо максатында талапкерлердин, мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарынын, интернет-басылмалардын жетекчилеринин административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануусу –

- II категориядагы айып пул салууга алып келет.

Шайлоолордо шайлоочулардын эрк билдирүүсүн бурмалаган административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланууну жана анын таасирин болтурбоо максатында мыйзамдын долбоору административдик ресурсту пайдалангандыгы үчүн жоопкерчиликти киргизүүнү карайт.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилеринин, ошондой эле мамлекеттин (муниципалдык) катышуу үлүшү 30 пайыз болгон уюмдардын жетекчилери жасаган ошол эле жосун, –

- белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир ишмердик менен алектенүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул салууга алып келет.

**87²-берене.** Шайлануучу кызмат ордуна талапкердин билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү

1. Шайлоо жөнүндө мыйзамда каралган Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкердин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкердин, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкердин билип туруп анык эмес малыматтарды, документтерди берүүсү, анын ичинде башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу жөнүндө документти, ошондой эле аны көрсөтүү, каттоо жана шайлоо үчүн тоскоол болгон маалыматтарды жаап жашыруу , –

- I категориядагы айып пул салууга алып келет.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар жасаган ошол эле жосун, –

белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир ишмердик менен алектенүү укугунан ажыратуу менен I категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Кыргыз Республикасынын жазык кодексинде белгиленген жоопкерчилик**

**Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде кылмыштын төмөнкү түрлөрү каралган:**

**191-берене.** Шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу

1. Жарандын өз шайлоо укуктарын же референдумга катышуу укугун эркин жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу, добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуу, –

IV категориядагы коомдук иштерге *(280ден 360 саатка чейин)* же III категориядагы түзөтүү жумуштарына *(2 жылдан 2 жыл 6 айга чейин)* же IV категориядагы айып салууга жазаланат *(жеке адамдар үчүн – 180 000 сомдон 220 000 сомго чейин).*

2. Шайлоо комиссияларынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиялардын ишине же болбосо алардын өз милдеттерин аткаруу менен байланышкан шайлоо комиссиясынын, референдумду өткөрүү боюнча комиссиясынын мүчөсүнүн ишине тоскоолдук кылуу, анын ичинде кызмат ордун же кызматтык абалын анын чечимине таасир көрсөтүү максатында пайдалануу, тактап айтканда талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоо, шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын добуштарын саноо жана башка маселелер боюнча кызмат адамынын талабы же көрсөтмөсү же шайлоо процессинде колдонулуучу мамлекеттик маалыматтык системаларынын маалыматтарын фальсификациялоо же атайылап ишин бузуу аракети, –

IV категориядагы коомдук иштерге же III категориядагы түзөтүү жумуштарына же IV категориядагы айып салууга алып келет.

3. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар жасаган ошол эле жосун, –

- IV категориядагы түзөтүү жумуштарына же V категориядагы айып салууга алып келет.

**192-берене**. Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу

1. Шайлоочуларга акча каражаттарын берүү же таркатуу, материалдык баалуулуктарды тапшыруу же кайсы бир кызмат ордун алууга же шайлоо өткөрүү мезгилинде кандайдыр бир байкубаттыкты алууга өбөлгөлөө –

- IV категориядагы айып салууга алып келет;

2. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер жана башка мамлекеттик бийликтин шайлануучу органына талапкердин, ошого тете анын жубайы,

алардын жакын туугандары, ишенимдүү адамдары жана ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан жасалган ошол эле жосун,

- V категориядагы айып салууга же I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**193-берене.** Шайлоо өнөктүгүн каржылоо тартибин бузуу

Талапкердин, саясий партиянын, шайлоо өнөктүгүн референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ишин каржылоонун тартибин төмөнкүлөрдү жасоо менен бузуу:

1) шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжага жетүү максатында, тиешелүү фондду кыйгап өтүү менен талапкерге, саясий партияга, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топко ири суммадагы акча же башка материалдык каражаттарды берүү;

2) шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжаларга жетүү максатында шайлоо фонддоруна, референдум фонддоруна которулбаган ири суммадагы акча каражаттарын чыгымдоо;

3) шайлоо же референдум менен түздөн-түз же кыйыр байланышкан жана шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжаны алууга же референдум демилгесин жылдырууга багытталган, тиешелүү шайлоо фондунан акысын төлөөсүз же тиешелүү шайлоо фондунан негизсиз төмөндөтүлгөн баада акы төлөө менен ири өлчөмдө жүзөгө ашырылган акы төлөнүүчү жумуштарды аткаруу, товарларды сатып өткөрүү, акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүү;

4) алмаштыруучу адамдар аркылуу шайлоолор жана референдумдар жөнүндө мыйзамдарда тыюу салынган кайрымдуулук каражаттарын шайлоо фондуна же референдум фондуна ири өлчөмдө төгүү,

- IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга (4төн 5 жылга чейин мөөнөткө) же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин) же V категориядагы айып салууга (220 000 сомдон 260 000 сомго чейин) же I категориядагы айып салуу (60 000 сомдон 100 000 сомго чейин) менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга (2 жыл 6 айга чейин) жазаланат.

**194-берене.** Шайлоо же референдум өткөрүүдө каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу

Талапкердин, саясий партиянын талапкеринин же референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, алардын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн төмөнкүдөй жолдор менен жасаган аракеттери:

1) шайлоо фондуна, референдум фондуна түшпөгөн каржы же материалдык каражаттарды шайлоо өнөктүгүн өткөрүү же референдумду өткөрүү демилгесин жылдыруу максатында ири өлчөмдө пайдалануу;

2) шайлоолор жана референдумдар жөнүндө мыйзамдарда тыюу салынган жана атайын шайлоо эсебине, референдум фондусунун атайын эсебине которулган кайрымдуулук каражаттарын ири өлчөмдө чыгымдоо,

- IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга (4төн 5 жылга чейин мөөнөткө) же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин), же айып салууга ( 60 000 сомдон 100 000 сомго чейин) жазаланат.

**195-берене.** Шайлоо документтерин бурмалоо

1. Шайлоо документтерин, референдум документтерин бурмалоо, добуштарды билип туруп туура эмес эсептөө же шайлоонун, референдумдун натыйжаларын билип туруп туура эмес белгилөө, эгерде бул жосундар шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча

комиссиянын мүчөсү, талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, ишенимдүү адамы, ошого тете саясий партиянын, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ыйгарым укукту өкүлү тарабынан жасалса,

- IV категориядагы түзөтүү жумуштарына *(2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин)* V категориядагы айып салууга *(220 000 сомдон 260 000 сомго чейин)* I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат *(1 жылдан 2 жылга чейин)*.

2. Төмөнкүлөр жасалган ошол эле жосундар:

1) шайлоо комиссиясынын же референдум өткөрүү боюнча комиссиянын төрагасы, төрагасынын орун басары, катчысы тарабынан;

2) алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу менен, -

- VI категориядагы айып салууга *(260 000 сомдон 300 000 сомго чейин)* эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга жазаланат.

**Бузууларга чара көрүү жана көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымдоо (ычкт)**

Ыкчам чара көрүүчү координациялык топ  (ЫЧКТ)

Мыйзамдын 41-беренесине ылайык: даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо комиссияларынын бардык деңгээлдеринде ыкчам чара көрүүчү координациялык топтор түзүлөт, анын курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирет.

Ыкчам чара көрүүчү координациялык топтун негизги иш-милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат - шайлоо мыйзамдарын бузууга ыкчам чара көрүү;

- көрүлүүчү чаралар жөнүндө жарандарды маалымдоо.

Ыкчам чара көрүү координациялык топтун ишинин тартибин Борбордук шайлоо комиссиясынын жобосу менен регламенттелген (Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 4-февралындагы № 33 токтому менен бекитилген Ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобу жонундо жобо (ЫЧКТ)

**МАКСАТТАРЫ:**

**ЫЧКТ шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна жана жарандарды көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө маалымдоого ыкчам чара көрүү максатында** шайлоолорду даярдоо жана өткөрүүдө түзүлөт.

**ПРИНЦИПТЕРИ:**

ЫЧКТ өз ишин **мыйзамдуулук, ачык жана айкындуулук** принциптеринде жүзөгө ашырат.

Кыргыз Республикасынын шайлоолорун даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо комиссияларынын чечимдери менен Борбордук шайлоо комиссиясынын, аймактык шайлоо комиссияларынын деңгээлинде ыкчам чара көрүүнүн координациялык топтору түзүлөт, алардын курамына тиешелүүлүгүнө жараша Борбордук шайлоо комиссиясынын, аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлери, прокуратура органдарынын, ички иштер органдарынын, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдарынын тиешелүү деңгээлдеги органдарынын (укук коргоо органдарынын) өкүлдөрү кирет.

Укук коргоо органдары Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Борбордук шайлоо комиссиясынын жана/же аймактык шайлоо

комиссияларынын суроо-талабы боюнча ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобунун курамына киргизүү үчүн өз өкүлдөрүнүн маалыматтарын шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 5 календардык күнүнөн кечиктирбестен жөнөтүшөт.

**Мында топтордун курамына тиешелүү деңгээлдердеги (борбордук, облустук, райондук, шаардык) органдардын жетекчилери, ошондой эле жумушчу тартибинде өз ара аракеттенүү үчүн башка кызматкерлер да кирүүгө тийиш.**

**ЫЧКТ төмөнкүдөй милдеттерди жүзөгө ашырат:**

- шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча шайлоо комиссияларынын жана укук коргоо органдарынын биргелешкен аракеттенүүлөрүн жүзөгө ашырууну жана координациялоону;
- келип түшкөн билдирүүлөрдү, шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъектилеринин арыздарын жана даттанууларын, ММКнын билдирүүлөрүн жана шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча интернет-басылмаларды кабыл алууну, толуктап иштеп чыгууну жана ыкчам талдоону;
- ар бир сигнал, кайрылуу, арыз, зарыл чаралар жөнүндө ыкчам тапшырмаларды берүү боюнча аракеттердин алгоритмин талкуулоону жана иштеп чыгууну (укук коргоо органдары өзүнүн компетенциясынын алкагында);
- арыздарда, даттанууларда жана шайлоочулар менен шайлоо процессинин башка субъектилеринин кайрылууларында баяндалган маалыматтардын (сигналдардын) жана фактылардын аныктыгын токтоосуз текшерүүнү, ыкчам чара көрүү үчүн тиешелүү чечим кабыл алууга тийиш болгон тиешелүү органдарга жөнөтүүнү;
- ар кандай формадагы тартип бузуу иштеринин абалы жана көрүлгөн чаралар жөнүндө жарандарга дайыма маалымат берүүнү;
- тартип бузуулар жөнүндө укук коргоо органдарынын жана шайлоо комиссияларынын каналдары боюнча маалыматтарды туруктуу негизде жыйноону;
- коопсуздугу жана коомдук тартипти камсыздоо, ошондой эле жарандардын шайлоо укуктарын бузган же шайлоо комиссиясынын ишине жолтоо болгон аракеттерди, шайлоочулардын добушун сатып алуу аракеттерин болтурбоо боюнча чараларды көрүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгууну.

**БШК ЫЧКТ КАТЧЫЛЫГЫ:**

- кыска номери: 1255,
- электрондук дареги: kgor_cec@shailoo.gov.kg,
- ишеним телефону: 0312 62-62-46,
- WhatsApp номери: 0990021255.

**Даттануулардын реестри**

**Шайлоо комиссиясына келип түшкөн бардык арыздар (даттануулар) милдеттүү түрдө катталууга жатат.**

“Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Мыйзамынын 7, 21-беренелерине ылайык: *“БШК даттанууларды кароо, даттанууларды кароонун мөөнөттөрүн жана тартибин сактоо маселелери боюнча төмөн турган шайлоо комиссиялары менен туруктуу өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат жана даттануулардын реестрин жүргүзөт, ал Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жарыяланат; УШК шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна арыздарды жана даттанууларды өз компетенциясынын чегинде карайт жана алар боюнча чечимдерди кабыл*

*алат; түшкөн даттанууларды эсепке алууну жүргүзөт жана тиешелүү реестрге киргизүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтөт”.*

Шайлоо комиссиясына келип түшкөн арыздар (даттануулар) жөнүндө маалымат жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер милдеттүү түрдө Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына Арыздар жана даттануулар реестри (Реестр) бөлүмүндө жайгаштырылат.

Реестр Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоо комиссияларынын ишинин **ачыктыгын жана айкындуулугун камсыз кылуу, шайлоо процессинин субъекттерин (катышуучуларын),** ошондой эле башка кызыкдар адамдарды шайлоо комиссиялары тарабынан каралган арыздар (даттануулар) жөнүндө маалымдоо максатында түзүлгөн.

Арыздар (даттануулар) катталгандан кийин Жумушчу топтун кароосуна берилет, арыздарды (даттанууларды) алдын ала карап чыгып, АШК, БШКнын жыйналышына чечимдин долбоорун киргизет. **Чечимдер АШК, БШКын жыйналыштарында чыгарылат.**

Аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан каралган бардык арыздар (даттануулар) Шайлоочулардын укуктарын бузуу фактылары жөнүндө реестрде чагылдырылууга тийиш (кагаз нускада) жана Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жума сайын жарыялоо үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына берилет.

**Шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылат.**

Аймактык шайлоо комиссиясынын/Борбордук шайлоо комиссиясынын бардык катталган арыздары (даттануулары) Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында Арыздардын (даттанууларды) реестринде катталган учурдан тартып беш календарлык күндөн кеч эмес чагылдырылат. Участкалык шайлоо комиссияларынын Арыздардын (даттанууларды) реестри Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жыйынтыгын чыгаргандан кийин беш календарлык күндөн кеч эмес чагылдырылат.

**Реестрде төмөнкү маалыматтар камтылат:**

- арыздарды (даттанууларды) караган шайлоо комиссиясынын аталышы;
- арыздарды (даттанууларды) берген адамдын жана (же) анын өкүлүнүн инициалдары;
- арыздар (даттануулар) келип түшкөн дата;
- арыздардын (даттанууларды) кыскача мазмуну;
- арыздарды (даттанууларды) кароонун жыйынтыктары боюнча Шайлоо комиссиясынын чечими, ошондой эле электрондук Реестрдин тиешелүү бөлүмүндө кабыл алынган чечимдин кыскача мазмуну да, шайлоо комиссиясынын аталган чечиминин тексти да жайгаштырылат;
- эгер Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими сотто даттанылса, биринчи инстанциядагы соттун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун чечими. Ошондой эле электрондук Реестрдин тиешелүү бөлүмүндө кабыл алынган чечимдин кыскача мазмуну да, шайлоо комиссиясынын аталган чечиминин тексти да жайгаштырылат.

**Бузуулардын бирдиктүү реестри**

**Бузуулар жөнүндө протокол түзүү укугу берилген адамдар түзүлгөн бузуулар жөнүндө протоколду өзүнүн логинин жана жеке паролун колдонуу менен ББР электрондук системасына кечиктирбестен каттайт.**

**Каттоо кечиктирилбестен,** Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте бузуулар жөнүндө протокол түзүлгөн учурдан тартып **24 сааттан кеч эмес жүргүзүлүүгө тийиш.**

**Комиссиянын катчысы тарабынан бузууларды ББРде каттоо** Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте бузуулар жөнүндө протокол түзүлгөн учурдан тартып 24 сааттан кеч эмес жүргүзүлүүгө тийиш.

**Бузуулардын бирдиктүү реестрине бузууларды каттоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-декабрындагы № 603 токтому менен бекитилген Бузуулардын бирдиктүү реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жободо аныкталган тартипте жүргүзүлөт.**

### Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри

**Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри** - сотко чейинки өндүрүштү баштоо, процесстик аракеттер, жазык ишин жана (же) жоруктар жөнүндө иштин кыймылы, жазык сот өндүрүшүнүн катышуучулары жана арызданууучулары жөнүндө маалыматтар киргизилген электрондук маалымат базасы.

**Сотко чейинки өндүрүш** – арыздар, кылмыштар жана (же) жоруктар жөнүндө билдирүүлөр Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине катталган учурдан тартып прокурор тарабынан иштин материалдары маңызы боюнча кароо үчүн сотко жиберилген жазык сот өндүрүшү.

Жазык иши боюнча сотко чейинки өндүрүш – тергөө формасында, ал эми жоруктар ушул Кодексте каралган тартипте жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүш формасында жүргүзүлөт.

Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде маалыматты киргизүүнүн датасы автоматтык түрдө белгиленет жана жазык ишинин же жорук жөнүндө иштин номери ыйгарылат.

**Сотко чейинки өндүрүштүн башталышы:**

Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, прокурор жасалган кылмыш же болбосо жорук жөнүндө арыз, кабарлама алынган учурдан тартып же кылмыш, жорук жасалгандыгын айгинелеген жагдайларды түздөн-түз тапканда, бөлүнүп берилген жазык ишинин жана жоруктар жөнүндө иштин материалдары келип түшкөндө, ошондой эле сотко чейинки өндүрүштүн материалдары чет өлкөлүк мамлекеттен келип түшкөндө, токтоосуз, 24 сааттан кечикпестен тиешелүү маалыматтарды Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине киргизүүгө милдеттүү.

Жазык иши же жорук жөнүндө иш боюнча сотко чейинки өндүрүштүн башталышы жөнүндө кылмыш же жорук жөнүндө арыз же кабарлама алардан келип түшкөн жеке же юридикалык жакка кабарланат.

Сотко чейинки өндүрүштүн башталышы жөнүндө тергөөчү, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы 24 сааттан кечиктирбестен прокурорго билдирет.

Арыз ээсине билип туруп жалган билдирүү бергендиги үчүн жоопкерчиликке тартылары жөнүндө эскертилет, ал жөнүндө берилген арызда же протоколдо белги коюлат, ал арыз ээсинин кол тамгасы менен күбөлөндүрүлөт.

**Кылмыш жана (же) жорук жөнүндө арыздарды жана билдирүүлөрдү кабыл алуу жана каттоо милдеттүүлүгү:**

Сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруучу органдар кандай гана болбосун жасалган же даярдалып жаткан кылмыш жана (же) жасалган жорук жөнүндө арызды же билдирүүнү кабыл алууга жана каттоого милдеттүү. Арыз ээсине арызды же билдирүүнү кабыл алган адамды көрсөтүү менен арыздын же билдирүүнүн Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү

реестринде катталган убактысын жана каттоо номерин көрсөтүү менен кылмыш жана (же) жоруктун катталгандыгы тууралуу документ берилет.

Кылмыш жөнүндө арызды каттоодон кабыл алуудан же каттоодон баш тартуу мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын буйрутмасы боюнча басып чыгарылды.*
*Тиражы 200 экз.*
*«Триада Принт» ЖКЧ басмаканасында басылды*
*720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Гоголь, көч., 28 а*